**К.КАРАСАЕВ атындагы**
**БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**И.АРАБАЕВ атындагы**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР**
**АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ атындагы**
**ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

Д.10.17.548 Диссертациялык кеңеш

Кол жазма укугунда

**УДК: 809.434 (575.2) (043.3)**

**Сыдыкова Толгонай Көчкөнбаевна**

# БАРПЫ АЛЫКУЛОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ТИЛИ

**Адистиги: 10.02.01 – кыргыз тили**

Филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек -2017**

Диссертациялык иш И.Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы Мамлекеттик тил жана маданият институтунун Т.Ахматов ат. кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий кеңешчи:** | УИАнын мүчө-корреспонденти, филология илимдеринин доктору, профессор **Ахматов Т.К.**; филология илимдеринин доктору, профессор **Токтоналиев К.Т.** |
| **Расмий оппоненттер:** | филология илимдеринин доктору, профессор **Садыков Т.С.** филология илимдеринин доктору **Жумалиев С.С.** филология илимдеринин доктору **Атакулова М.А.** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасы |

Диссертациялык иш 2017-жылдын 27-октябрында саат 10:00дө К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.17.548 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек ш., Тынчтык проспектиси, 27.

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265а) жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин (Дареги: 720040, Бишкек ш., Тынчтык проспектиси, 27) китепканаларынан таанышууга болот.

Автореферат 2017- жылдын 27-сентябрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент **Каратаева С.К.**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Барпы Алыкулов чыгармаларынын поэтикалуулугу, лирикалуулугу, тил каражаттарын пайдалануу жагынан башка кыргыз акындарынан айырмаланып турат. Акындын өзүнө гана мүнөздүү болгон көркөм каражаттарды, ага тиешелүү эстетика-этикалык каражаттардын маанилүүлүгүн, ошондой эле автордук тексттин өзөгүн кармап турган тилдик көркөм каражаттар, экстралингвистикалык факторлор, алардын курамындагы семантика-структуралык жактан жаралган жана жашап жаткан жагдайларды изилдөө иштери бүгүнкү күнгө чейин колго алына элек. Ошону менен бирге Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тили, чыгармачылык индивидуалдуулугу лингвистиканын жана лингвопоэтиканын алкагынан алганда кызыгууну жаратат.

Философияда жалпы жана жеке деген түшүнүк бар. Жалпы нерсени изилдөө менен биз жеке факторду аныктай алабыз. Ал эми жеке нерсени изилдөө менен жалпы нерсени аныктоого болот. Демек Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тилинин лингвистикалык өзгөчөлүгүн жана лингвопоэтикасын аныктоо менен XX кылымдагы акындардын тилинин жалпылыгын жана өзгөчөлүгүн аныктоого болору айдан ачык көрүнөт. Мына ушулардын өзү Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тилине атайын изилдөө иштерин жүргүзүү учурдагы актуалдуу лингвистикалык маселелерден экендигин айгинелеп турат.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Изилдөөнүн **объектиси** – акындын чыгармаларындагы көркөм сөз каражаттары, анын лингвистикалык жана лингвопоэтикалык өзгөчөлүктөрү. Изилдөөнүн **предмети** – Барпы Алыкуловдун Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун «Кол жазмалар» фондусунда сакталып турган «Алайдын көрүнүшү» (инв. 424\213), «Барпынын арманы» (инв. 190410, д.3), «Буракжан» (инв. 188/399), «Кулмурза менен Аксаткын» (инв. 198, д.1), «Моймойум» (инв. 424$^{а}$213), «Мөлмөлүм» (инв. 424$^{а}$213), «Умсунум» (инв. 190/401, д.3) деген кол жазмалары жана анын жарык көргөн чыгармалары – Барпы: Ырлар (1974), Барпы: Тандалмалар (1984), Барпы: Чыгармалар. 1-том (1995), Барпы: Тандалмалар. 2-том (2008) ж.б. жыйнактары.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин **максаты** – кыргыз элинин залкар төкмө акыны Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы лексикалык көркөм сөз каражаттарды, алардын көркөм-эстетикалык өзгөчөлүктөрүн, акынды башкалардан айырмалап турган лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлорду, лингвомаданий процесстерин, тексттик жана контексттик көрүнүштөрүн илимий негизде ар тараптан аныктоо.

Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

– Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы лингвистикалык каражаттарды, алардын көркөм-эстетикалык өзгөчөлүктөрүн, лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлорун, лингвомаданий процесстерин, тексттик, контексттик көрүнүштөрүн илимий-теориялык негизде сыпаттоо;
– акындын чыгармаларынын өзөгүндө жаткан, көркөмдүктү түзгөн лингвистикалык каражаттардын ар түрдүүлүгүн ачып берүү менен, алардын көркөм кыртыштагы абалын көрсөтүү;
– акындын ырларындагы тилдик каражаттардын (лексикалык, семантикалык, этнолингвистикалык, полисемиялык жана фразеологиялык) лексика-семантикалык талаасын жана семантикалык жактан кеңейүү процесстерин конкреттүү фактылар менен далилдөө;
– салыштырууну акындын стилинин табиятынан карап, түрдүү структурада колдонулушун, анын сүрөттөлүп жаткан буюмду, нерсени, көрүнүштү, түшүнүктү, окуяны, адамдын ички сезимин, дүйнө таанымын даана чагылдырып берүүдө жана окурмандын сезимин козгоо, ойго салуудагы кызматын ачып көрсөтүү;
– уйкаштык – чыгармага эвфония, лингвистикалык фон берген тилдик көркөм каражат, анын ырдын саптарындагы, кээде куплеттеринде орун алышы, ырды ыр деңгээлине көтөрүш үчүн чыгармачылыкта кайталанышын акындын ырларындагы факты-материал менен чечмелеп берүү;
– статистика ыкмасынын формалары жана закон ченемдүүлүктөрү аркылуу Барпы Алыкуловдун "Мөлмөлүм" деген ырларындагы сөздөрдүн колдонулуш жыштыгын аныктоо.

**Диссертациялык теманын негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун Т.Ахматов атындагы кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына дал келет.

**Иштин илимий-теориялык негиздери.** Жалпы тил илиминде, түркологияда, кыргыз тил илиминде текстке, көркөм текстке, лингвопоэтикага байланыштуу Аристотель, М.В.Ломоносов, А.А.Потебня, В.В.Виноградов, Ю.Н.Тыняков, Г.О.Винокур, Б.А.Ларин, А.М.Пешковский, Р.Г.Сыздыкова, Б.Манасбаев, А.Х.Жубанов, Е.Жубанов, А.З.Ахметов, Ж.Шүкүров, Б.Юнусалиев, Т.Аширбаев, Ж.Мамытов, Б.Усубалиев, С.Өмүралиева, С.Мусаев, Т.Маразыков, А.Абдыкеримова, А.Ормонбекова, А.Оморов, А.Дунканаев, С.Жумалиев жана башка окумуштуулардын эмгектериндеги илимий-теориялык жоболор, жыйынтыктар иликтөөнүн максатына, багытына жана жеке көз карашка жараша жетекчиликке алынып, Барпы акындын тилинин көркөмдүүлүгүн, өзгөчөлүгүн арттырып турган тилдик каражаттарды, т.а.,

лексика-семантикалык, этнолингвистикалык жана лингвопоэтикалык жактан бир бүтүндүктө кароо иштин илимий-теориялык негизин түздү.

**Изилдөөдө колдонулган илимий методдор.** Диссертациялык ишти жазууда жалпы тил илиминдеги, түркологиядагы жана кыргыз тил илиминдеги илимий-теориялык корутунду-тыянактарга таянуу менен, изилдөөнүн көздөгөн максатына, алган багытына, мазмун-натыйжасына жараша байкоо, топтоо, сыпаттоо, чечмелөө, салыштыруу, жалпылоо, статистика методдору колдонулду.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы.** Диссертациянын илимий жаңылыктары төмөнкүлөр:

- Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы лингвистикалык каражаттар, алардын көркөм-эстетикалык өзгөчөлүктөрү, лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлору, лингвомаданий процесстери, тексттик, контексттик көрүнүштөрү көркөм чыгарманын тилине байланыштуу жана акындын чыгармаларындагы тилдик факты-материалдар алгачкы жолу изилдөөгө алынды;
- акындын чыгармаларынын өзөгүндө жаткан, көркөмдүктү түзгөн
- лингвистикалык каражаттар талданды, алардын көркөм кыртыштагы абалы көрсөтүлдү;
- акындын ырларындагы тилдик каражаттар (лексикалык,
- семантикалык, этнолингвистикалык, полисемиялык жана фразеологиялык) лексика-семантикалык жана семантикалык жактан кеңейүү процесстери конкреттүү фактылар менен анализге алынды;
- уйкаштык – чыгармага эвфония, лингвистикалык фон берген
- тилдик көркөм каражат, анын ырдын саптарында, кээде куплеттеринде орун алышы, ырды ыр деңгээлине көтөрүшү үчүн акындын чыгармаларында кайталанышы анализденип, ал акындын ырларындагы факты-материал менен чечмеленип берилди;
- акындын ырларына текстологиялык анализ жасалды;
- Барпы Алыкуловдун “Мөлмөлүм” деген ырынын текстиндеги сөз түркүмдөрүнүн, сөздөрдүн колдонуш жыштыгы жана алфавиттик жыштыгы аныкталды.

**Иштин практикалык мааниси.** Изилдөөдөн алынган корутунду-жыйынтыктарды жогорку жана атайын окуу жайларында, жалпы эле көркөм чыгарманын тилин үйрөнүүдө, бул багыттагы изилдөөлөрдө, аны окутуунун теориялык-методикалык принциптерин иштеп чыгууда, “Көркөм чыгарманын тилине лингвистикалык талдоо”, “Кыргыз тилинин лексикологиясы” сабактарын окутууда колдонууга жана окуу китептерин, окуу куралдарын түзүүдө, атайын курстар менен атайын семинарларды өтүүдө, Барпы Алыкуловдун чыгармаларын окутууда, тилдик көркөм каражаттарды аныктоодо пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлуучу жоболор:**

- Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгына Чыгыш классиктеринин чыгармалары жана ичкилик кыргыздарынын тилдик өзгөчөлүгү зор таасир эткен.
- Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын өзгөчөлүгү – байыркы түрк жана азыркы кыргыз поэзиясынын салттуу ыргактарын сактап, аларды табият тартуулаган таланты менен чыгармачылыкта өркүндөткөн.
- Барпы Алыкулов элдик көркөм адабияттагы төкмөлүк-салттуулукту бекем кармаган жана аны шартка жараша өз алдынча өнүктүргөн. Ал тилдик бирдиктерди, тилдик каражаттарды, алардын карым-катышына бөтөнчө көңүл буруп, семантикалык, эстетикалык, функционалдык жактан тил каражаттарын чебер колдоно билген.
- Акындын поэзиясынын тили – фонетикалык, лексикалык, морфологиялык жактан айырмаланат жана алар текст, контекст, ошондой эле микро жана макро текст, ритм, ыргактуулуктун алкагында жашайт.
- Барпы Алыкулов форма менен мазмундун шайкештигинде ой жүгүртүп, турмуштун көркөм эстетикалык табиятын тилдик каражаттар аркылуу ачып бере алган.
- Барпы Алыкуловдун поэзиясында синонимдүүлүк, омонимдүүлүк бирдиктер, алардын түрлөрү жана формалары көркөм тексттик шартка жараша инверсиялык-интонациялык, композиялык катышта учурайт.
- Барпы Алыкуловдун чыгармалары элдик оозеки чыгармачылыктын таасиринде жаралган жана аны акын өзүнө гана тиешелүү көркөмдүк табылгалары, акындык өзгөчөлөнгөн чеберчилиги менен өркүндөткөн.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Изилдөөдө биринчи жолу Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тилиндеги лексикалык, семантикалык, полисемиялык, этнолингвистикалык, фразеологиялык бирдиктерди топтоп, темага байланыштуу илимий-теориялык материалдар жыйналды. Аталган материалдар лингвистикалык, лингвопоэтикалык маселелерге байланыштуу тыянак-кортундулардын негизинде диссертант тарабынан талдоого алынып, түшүндүрүлдү. Ошондой эле иштин максат, милдеттеринин аныкталышы, илимий адабияттарга обзор жасалышы, факты-материалдар топтолуп, талдап-териштирилиши, сыпатталып баяндалышы, изилдөөдөн алынган натыйжалар, коргоого коюлган теориялык жоболор жана жалпы корутундулар изилдөөчүнүн жеке салымы болуп саналат.

**Иштин апробацияланышы.** Илимий иштин мазмунун чагылдырган баяндамалар эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда жасалды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы

тарабынан талап кылынган жыйнактарга 35 илимий макала, анын ичинен 27 макала – Кыргыз Республикасында, 8 макала индекстелген системага кирген басылмаларга жана 1 монография жарык көрдү.

**Иштин түзүлүшү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт баптан, ар бир бап кыскача жыйынтыктардан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана глоссарийден турат. Иштин көлөмү – 304 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн объектиси жана предмети, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, теманын илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы, иштин илимий-теориялык негиздери, изилдөөдө колдонулган илимий методдор, диссертациялык иштин илимий жаңылыгы, иштин практикалык мааниси, коргоого коюлуучу жоболор, изилдөөчүнүн жеке салымы, иштин апробацияланышы, изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы, диссертациялык иштин түзүлүшү берилген.

**Диссертациялык иштин I-бабы "Изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери"** деп аталып, мында тил илиминдеги, түркологиядагы жана кыргыз тил илиминдеги көркөм чыгармаларга жана текстке жүргүзүлгөн лингвистикалык, эктролингвистикалык, лингвопоэтикалык изилдөөлөргө анализ жасалып, изилдөөчүлөрдүн теориялык-практикалык жоболору, натыйжалары талдоого алынды.

Поэзиянын тилине негиз салган байыркы грек окумуштуусу Аристолель экендиги белгилүү. Ал өзүнүн "Поэтика" (1957) жана "Риторика" (1984) аттуу эмгектеринде сөз өнөрүнүн негизи болгон тил жана анын семантикасы, кептин поэтикалык түзүлүшү жөнүндө бир топ кызыктуу маселелерди көтөргөн. Мындай маселелер Цицерон, Гораций жана Квинтилиандын эмгектеринде да каралган, т.а., бул окумуштуулардын эмгектеринде поэзия, проза, троптор, фигуралар, кеп, анын сапаты жана стилдер тууралуу алгылыктуу натыйжалар чыгарылган.

Орус окумуштуусу М.В.Ломоносов "Краткое руководство к красноречию" (7-том, 1952) аттуу эмгегинде Байыркы Грецияда жана Байыркы Римдеги чечендик өнөрдүн жоболорун орус тилинин материалында анализ жасоого аракет кылган жана анын эмгектеринде сөздүк курам, анын түрлөрү, алардын тилдик каражат катары прозада, поэзияда ж.б. колдонулушу каралган.

Ал эми белгилүү окумуштуу А.А.Потебня бул маселеге психолингвистикалык жактан изилдөө жүргүзгөн. Окумуштуунун 1973-жылы чыккан "Основы поэттики. Психология поэтического и прозаического мышления" деген эмгегинде XIX кылымдагы орустун улуу акын, жазуучуларынын чыгармаларынын тилине стилистикалык жактан анализ жасаган жана анын негизинде поэтикалык сөз, ички форма, тил эстетикасы менен көркөм кепти

бир топ ишенимдүү далилдер менен берген. Мындай изилдөөлөр анын эмгектеринде андан ары тереңдетилген (Потебня А.А. "Мысль и язык" (М., 1926), "Эстетика и поэтика" (М., 1976).

Бул багытта академик В.В.Виноградов да бир топ үзүрлүү эмгек жасаган. Алгач аталган маселеге ал слависттердин 4-эларалык съездинде жасаган баяндамасында кайрылган, т.а., анда көркөм адабияттын тили, аны изилдөөнүн багыты, ыкмалары, принциптери каралып, анын негизинде өз алдынча изилдөө керектиги баса белгиленип, ошого жараша атайын концепциясын сунуш кылган. Окумуштуунун 1963-жылы жарык көргөн "Стилистика. Теория поэтической речи. Поэтика" деген эмгегинде: "Көркөм адабияттын тилин изилдөө адабият таануу илими менен тил илиминин принциптерине жакын, бирок көркөм сөздүн архитектоникасы жана жалпы эстетикасынын алкагындагы маселелердин жыйындысына таянган өз алдынча теориялык негизге ээ болушу керек" (Виноградов В.В. "Стилистика. Теория поэтической речи. Поэтика", 1963. 179-б.), деген илимий корутундусун берген. Мына ошондон баштап "лингвистикалык поэтика" же "лингвопоэтика" деген термин пайда болгон.

А.А.Потебнянын илимий изилдөөлөрүнүн негизинде жаралган тилдин коммуникациялык функциясы менен поэтикалык же эстетикаылык функциясын каршы коюу, поэтикалык тил менен улуттук тилди эки башка система катары кароо идеялары кулачын кенен жайды. Мындай илимий-натыйжаларды Ю.Н.Тынянов, Г.О.Винокур, В.В.Виноградов, Б.А.Ларин, А.М.Пешковский ж.б. окумуштуулар да өз изилдөөлөрүндө кубатташып, бул теорияны андан ары өнүктүрүшкөн.

Ал эми түркологияда Р.Г.Сыздықова, Б.Манасбаев, А.Х.Жубанов, Е.Жубанов, М.Сражиев, Б.Шолабаева, А.З.Ахметов, З.Г.Ураксин ж.б. изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Булардын ичинен Р.Г.Сыздықованын "Абай шыгармаларынын тили" (1968), "Жамбыл поэзиясынын тілі жайында", "Жамбыл жәнә қазіргі халқ поэзиясы" (1975), "Көркөм текстти лингвистикалык талдоу" (1989), "Сөздөр сөйлейді" (1994) деген эмгектери жарык көргөн. Бул эмгектеринде казак элинин акын, жазуучуларынын чыгармаларынын тилин анализге алган.

Көркөм чыгарманын тилин изилдөөгө кыргыз окумуштууларынан Ж.Шүкүров, Б.М.Юнусалиев, К.Рысалиев, Т.Аширбаев, К.Кырбашев, Ж.Мамытов, Б.Усубалиев, С.Өмүралиева, А.Ормонбекова, А.Оморов, А.Абдыкеримова, А.Акынбекова, А.Дунканаев, С.Жумалиевдер ж.б. өз изилдөөлөрүндө кайрылышкан.

Кыргыз тилиндеги көркөм чыгарманын тилине анализ жасоо, изилдөө иши 40-жылдын экинчи жарымынан башталган. Алсак, Ж.Шүкүров "Молдо Кылычтын тили" (1947), ал эми 60-80-жылдарда К.Рысалиев, Б.М.Юнусалиев, Т.Аширбаевдер аталган маселеге кайрылышкан. Булардын ичинен

К.Рысалиев алгачкылардан болуп кыргыз ырларынын түзүлүшүн изилдөөгө алган окумуштуу катары барыбызга белгилүү. Анын 1965-жылы “Кыргыз ырларынын түзүлүшү” деген эмгеги жарык көргөн. Эмгекте кыргыз ырларынын ритмикасы, муун санагы, рифма, аллитерация жана строфалык түзүлүштөрү кеңири анализге алынган. Ошондой эле К.Рысалиевдин “Көркөм чыгарманын тили” деген макаласы “Ала-Тоо” (1978, №3. -142-155-б.) журналына басылып чыккан. Мында макаланын өзү айтып тургандай көркөм чыгарманын тилине анализ жасалган.

1970-жылдары академик Б.М.Юнусалиев Молдо Нияздын ырларына тилдик аспектиде талдоо жасаган. Жыйынтыгында, “Молдо Нияздын санатында диалектилик өзгөчөлүктөрдүн чагылышы” (“Отражение диалектных особенностей в санатах Молдо Нияза” // Тюркологические исследования. – Ф., 1970. -48-72-б.) деген макаласы чыккан.

1990-жылы Т.Аширбаев “Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романынын тили” деген аталыштагы кандидаттык диссертациясын коргогон. Диссертацияда тарыхый сөздөр, алардын чыгармадагы колдонулушу белгиленип, мисалдардын негизинде талдоого алынган.

Профессор Б.Ш.Усубалиевдин 1994-жылы “Көркөм чыгармага лингвистикалык илик” деген монографиясы жарык көргөн. Эмгек кыргыз тилин лингвопоэтикалык деңгээлде изилденген фундаменталдуу изилдөө болуу менен, кыргыз тил таануу илиминде жаңы багытка кадам таштаган.

Бул багыттагы изилдөөгө окумуштуу С.Өмүралиеванын 1999-жылы жарык көргөн “Чыңгыз Айтматовдун көркөм текстине лингвистикалык илик” деген аталыштагы монографиясы кирет. Эмгекте текст жана анын түзүлүшү, анын категориялары теориялык маселе катары каралып, аны Ч.Айтматовдун чыгармаларынын мисалында далилдеген.

2008-жылы А.Э.Абдыкеримованын “Лингвистикалык поэтика” (Каракол: ЫМУ,. – 210 б.) деген монографиясы жарык көргөн. Бул эмгекте лингвистикалык поэтиканын филологиялык тармак катары статусу, изилдөө объектиси жана предмети, негизги маселелери аныкталып, анын системалык түзүлүшүнө ылайык, поэтикалык фонетиканын, поэтикалык синтаксистин, поэтикалык семантиканын айрым маселелери талдоого алынган.

Профессор А.Ормонбекова “Тилдик кубулуштарды лингвопоэтикалык аспектиде изилдөө” (2010. 360 б.) аттуу монографиясында көркөм чыгарманын тилин иликтөөдө лингвопоэтикалык илик өзгөчө орунда турат, ал кадыресе кептин көркөм кепке, лингвистикалык маанинин поэтикалык мааниге айлануу механизмин териштирүү аркылуу көркөм чыгарманы терең жана туура таанып-билүүгө өбөлгө түзүүгө тийиш экенин белгилөө менен, лингвопоэтикалык илик жүргүзүүнүн теориялык негизи, принциптери боюнча өз оюн билдирген.

2010-жылы А.Т.Дунканаевдин “Кыргыз макалдарынын тексттик-

коммуникативдик өзгөчөлүктөрү” деген аталыштагы монографиясы жарык көргөн. Эмгекте макалдын тексттик статусу, семантикалык-структуралык түзүлүшү аныкталып, кыска текст катары логикалык туюндурулушу талдоого алынып, коммуникативдик өзгөчөлүктөрү белгиленген.

2015-жылы С.С.Жумалиев “Манас” эпосунун лексикасынын хронотипологиялык стратификациясы” деген докторлук диссертациясын коргогон. Бул илимий ишинде изилдөөчү чыгарманын тилине, т.а., лексикалык стратификациянын илимий-теориялык негиздери менен принцип-критерийлерин аныктоо аркылуу “Манас” эпосунун лексикалык курамын тарыхыйлексикалык, лексика-семантикалык катмарларга ажыратып, андагы лексемалардын этимологиясын анализге алган.

Көркөм чыгарманын тили текст жана подтекст менен берилет. Бул багыттагы изилдөөлөргө В.В.Виноградов (1955), М.В.Щерба (1957), И.Р.Гальперин (1987), А.А.Голякова (2004), ал эми кыргыз окумуштууларынан К.Асаналиев (1977), Б.Усубалиев (1994), А.Кадырманбетова (1999), С.Мусаев (2000), Т.Маразыков (1996, 2005, 2014), С.Өмүралиева (2002), Т.Баястанова (2006), А.Абдыкеримова (2008) ж.б. изилдөөлөрүн кошууга болот.

Ушул эле бапта Барпы Алыкуловдун өмүр баяны жана акындын тилинин калыптанышындагы ички, сырткы экстролингвистикалык факторлор жөнүндө маалыматтар берилди.

Барпы Алыкулов 1884-жылы Жалал-Абад областынын Сузак районуна караштуу Ачы кыштагында туулган. Барпынын атасы Алыкул, чоң атасы Шаамурза экөө тең кедей, колунда жок адамдардан болгон. Ошол себептүү Барпы жаштайынан тартып ар кандай байлардын колунда малайлык кылып, оор турмушту башынан кечирген.

Оор турмуш, он бир жашында бир көзүнөн ажыроо, көкөйүнө көк таштай тийген малайлык, өзү ырдагандай “бири күлсө, миңи ыйлаган” акыйкатсыз заман, бала болсо да Барпынын ак-караны эртерээк ажыратууга түрткү берген. Алыкулдун тогуз баласы болгон, ал мезгилде аларды багуу оңойолтоңго турган эмес. Балдардын чоңу Полот, Парпы жана Парман болгон. Булар дагы жаштайынан, тагыраак айтканда, 7-8 жашынан тартып, ошол аймактагы Калмат, Мадалы, Назарбай деген байларга малайлыкка барышып, алардын малын багып, атасына жардам берип, өз жашоолорун өткөрүшкөн. Ошол байлардын бири – Назарбай. Барпы жаш кезинен баштап эле ал байдын малын багып, отун жаккан. Мындай оор жумуштарга бала эмес, чоң кишинин алы жетпей турган. Барпы көп азапты башынан өткөрөт. Атасы боконосу ката элек баласынын көз жашын көрүп, баласын аяп, Назарбайдан алып кетип калат. Ушул жылдары эле Барпынын ырчылык шыгы ойгонгон. Алгач ал бир эки сөздү кошуп жамактатып, анан элден үйрөнгөн ырларды байлардын жумуштарын кылып жүргөндө кыңкылдап ырдап, өз муң-зарын чыгарып алып жүргөн.

Барпы 30 жашка келгенде ошол жерлик Ысак деген байдын пахтасын эгип, түрдүү оор жумуштарды аткарган. Жокчулук Барпынын көкөйүн кесип, жүрөгүнөн кеткис так салат.

Оор жумуштардан Барпы башын көтөрбөй иштеп жүрүп, акыры ойлонуп, "мындай жашоого болбойт" деп, ырды негизги, башкы максат кылып, Мака-Торпок деген жердеги таякелерине барат. Бул жерде жаш Барпы аз-аздан ырдай баштайт. Алгач ал ушул аймакта эл топтолгон жерде биринчи ирет ырдаган. Барпы өз башынан өткөн азаптуу, оор күндөрүн, ошонун барын бай-манаптар, молдо-эшендер кылып жатканын ачык айтып чыгат.

Алгачкы эл алдына чыгып ырдоо Барпыга биринчи – чоң сыноо, экинчи – чоң кубаныч болду. Барпы Ташмат, Нышан, Сыдык, Кара Жолдош, Көр Жолдош жана Карамурза деген элге белгилүү болуп калган ырчыларга да жагып калат. Барпы эл оозуна тез эле алынып, таанылa баштаган.

Улуу Октябрь революциясы көптөгөн элдин үмүтүнө үмүт, күчүнө күч жана чыгармачылыгына жаңы тема берди. Мындай коомдук саясий факторлор акындын тематикасына тема, идеясына идея кошту. Мында эски турмуш менен жаңы жашоону салыштыруу менен, социалисттик түзүлүштүн өзгөчөлүгү, артыкчылыгы көрсөтүлгөн.

Барпы акын сабатсыз болгон, бирок жаш кезинде он бир жашынан он төрт жашына чейин Мадали деген ажыга малай болуп, "оту менен кирип, күлү менен чыгып" жүргөн мезгилинде Мадалинин үйүнө келген коноктордун санжыра, тарых, казалдарын кирип-чыгып жүргөндө угуп, алардын үн чыгарып окуган китептерин да далай жолу уккан. Акылы зирек жаш бала ал дастандарды, казалдарды көкүрөгүнө түйүп алган. Ошондой эле Барпы Чыгыш акындарынын дастандарын, казалдарын калк арасында ырдап жүрүшкөн өзбек шайырлары, ырчылары менен да бирге жүргөн. Ал жаш кезинде Сузак, Жалал-Абад, Базар-Коргон, Ноокен, Ала-Бука, Коргон-Төбө, Кара-Суу, Ош, Ноокат, Кадамжай, Баткен, Лейлек, Наманган, Андижан, Кокон, Кожент, Памир, Алай ж.б. көбүнчө ичкиликтер жашаган жерлерде көп жүргөн. Дагы бир жагдай Барпы акын айтышкан, чогуу жүргөн акындардын көпчүлүгү сабаттуу болгон. Алар куран китеп болобу же араб, түрк, фарсы адабиятынан көөнөрбөс мурастары болобу элге окуп берип жүрүшкөн. Барпы Алыкуловдун тили жогорудагыдай ички, тышкы экстралингвистикалык факторлордун негизинде (ичкилик кыргыздарынын тилиндеги өзгөчөлүктөр, Чыгыш адабиятынын таасирлери) калыптанган.

Барпы Алыкулов 1949-жылы 9-ноябрда Фрунзе шаарында каза болуп, сөөгү Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган.

**II бап "Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы лексика-семантикалык көркөм каражаттар"** деп аталып, ал 4 параграфтан турат.

**2-баптын 1-параграфы "Лексикалык көркөм каражаттардын лингвистикалык табияты"** деп аталат. Барпы Алыкуловдун чыгармалары-

нын лексикалык көркөм каражаттарынын лингвистикалык табиятын билүү – илим үчүн да, тилдин тарыхы үчүн да, ырчынын поэтикалык лабораториясын билиш үчүн да, анын философиялык потенциалдуулугун аныктоо үчүн да өзгөчө кызыгууну пайда кылат.

Барпы Алыкуловдун махабат ырлар циклине “Мөлмөлүм”, “Акжылдыз”, “Буракжан”, “Лөлүкан”, “Акдилбар”, “Ашык жар”, “Карай көз”, “Арзыкан” ж.б.у.с. ырлары кирет. Ушулардын ичинен акындын “Мөлмөлүм” деген ыры ашыктык поэзиясынын туу чокусу болуп саналат.

“Мөлмөлүм” Барпы акындын жүрөк, сезиминен чыгып, ар бир адам үчүн анын тагдырына туш келген махабат оту кандай ысык болсо, аталган ыры дагы куду ошондой өздүк мамилелерди туюнткан жаңы сезимдерди, күтүүсүз ассоциативдик салыштыруулар менен метафоралуу кыйытма формага ээ. Акындын ыр саптарынан ырчынын ой жүгүртүү манерасы өзгөчөлөнүп, башка акындар айтпаган, жазбаган образдык курулмалар, Барпыга гана тиешелүү ыкмалар бар. Чыгыш поэзиясынын таасири жана элибиздин ичкилик тобунун жагымдуу тилинин таасиринен куюлушуп түшкөн ыр саптары кимди болбосун толкундантпай койбойт.

“Эки илебиң – кызыл гүл
Ачылгандай, Мөлмөлүм.
Бир карасаң – жүрөккө от
Чачылгандай, Мөлмөлүм” (“Мөлмөлүм”).

Бул ыр саптарында “эки илабиң” деген лексикалык бирдик “эки ээриниңдин” ордуна колдонулуп жатат. Албетте, “илабиңдин” ордуна “ээриниң” деп колдонсо деле болмок. Бирок “илебиң” деген сөз ырга канчалык көрк берип, ырдын интонациялык ыргагына бап келип жатышы – Мөлмөлүмдүн портретине көркөм деталь катары гармонияланышып, эки илаби чоктой кызыл гүлгө салыштырылып жатат. Бир караган кишиге жүрөккө от чачкан балбылдаган көздөрү, Маргалаңдын жибегиндей чачы, жаш наристенин жытындай жыты көзгө даана элестеп, кимди болбосун ышкысын козгойт.

“Секин баскан бутуңдан,
Сейдана мончок жытыңдан.
Кадам койгон бутуңдан,
Калемпир мончок жытыңдан”.

Акындын бул саптарынан биз Барпынын чебер сүрөткер, мыкты психолог экендигин байкайбыз. Апыз бул жерде “сейдана мончок”, “калемпир мончок” деген кооз гүлдүү дарылык касиети бар өсүмдүктөрдүн жыпар жытын салыштыруу ирээтинде келтирип, угуучунун, окурмандын делебесин козгоп, Мөлмөлүмдүн аруу сулуулугуна суктанып жатат. Ырды уккан адам сөзсүз ойлонууга, ойлогондо да махабат жөнүндө ойлонууга мажбур болот. Албетте, кыргыз поэзиясында махабат ырлары арбын, бирок “Мөлмөлүм” алардан өзгөчөлөнүп, ички драматизм баштан аяк чыңалуу менен өтөт.

Ырда акынды кайта-кайта жалынтып, жалбарткан сап "карабайт экен көңүл шок" экендиги көрүнүп турат. Көңүл кумары – адамды эч нерсеге каратпайт, делбе кылары да белгилүү.

Мөлмөл – армандуу махабат. Махабатты башынан өткөрбөгөн адам бактысыз, бирок ошол махабатыңа жетпей калганда гана ал түбөлүк бойдон калат. Барпы акын махабатына жетпей калып, "тышы жалын, ичи чок" болуп, ошондон улам Мөлмөл акын үчүн түбөлүк махабатка айланган.

"Чыныга куйган бал болсоң,
Чымындай ага малынсам.
Чыгалбай жатып ошондо,
Чын өзүңө багынсам.
Чыгарып койсоң боор оруп,
Чырагың болуп жагылсам".

Ырдын эстетикалык жугуму өтө таасирдүү, сүйүүнүн сүрөтү чоң полотного тартылган сүрөттөй көз алдыңа тартылат, жумшак эротика көз алдыңа элестеп, жаш сүйүүнүн өзүндөй нары кызыктуу, нары таттуу мукамына жан эргитип кумарлуу "жаңыдан түптөп бездеген, жанаша бүткөн алмасын" сурап турушу – жаш жигиттин ашыктык көзү менен каратып койгон акындын улуу таланты.

Ушул жерде "Мөлмөлүмдүн" эстетикалык-көркөмдүк сапатына токтоло кетели. Илимде тил эстетикасы деген түшүнүк бар, анткени көркөм тексттин өзгөчө өбөлгө-себеби дал ушул эстетикалык функцияга барып такалат. Образдуу жалпылоо дегенибиз – сүрөттөө, көрсөтүү дегендик болот.

Тилдин эстетикалык функциясы  ушул кезге чейин даана так изилдене электигин профессор Б.Усубалиев белгилеп келет. Аталган маселе боюнча тилчилер менен адабиятчылардын ортосунда пикир келишпестик өкүм сүрүп келе жаткандыгын, адабиятчылар эстетикалык функция көркөм чыгарманын өзүнө гана таандык дешсе, тилчилер, тескерисинче, тил тикеден-тике эстетикалык функцияны аткараарын айтышат.

Бүгүнкү күндө филология илиминде көркөм текстти талдоонун эки ыкмасы колдонулуп жүрөт:

а) идеядан формага келүү;

б) формадан идеяга келүү.

Биринчисин, идеядан формага келүүнү, көбүнчө адабият таануучулар колдонот. Алар көркөм чыгарманын көркөм идеясына басым жасашып, тил каражаттарына, т.а., кайталоолорго, метафора, метонимия, сөздүн өзгөчөлөнгөн орун тартибине анча көңүл бурушпайт. Экинчиси, формадан идеяга келүүчүлөр көбүнчө көркөм чыгарманын тилдик каражаттарына көңүл буруп, текстке лингвистикалык анализ жүргүзөт. Албетте, изилдөө изилденип жаткан объектинин изилдөө максатына жана милдетине карата ишке ашырылат.

Барпы Алыкуловдун "Мөлмөлүм" деген чыгармасынын идеялык форма-

сын профессор К.Даутов ийне-жибине чейин жеткире жогорку деңгээлде талдаган. Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын идеялык-көркөмдүк мазмунун К.Даутовдой талдаган сынчы болгон эмес (Бул биздин жеке субъективдүү пикирибиз). Ал эми акындын чыгармаларын формадан идеяга келүү себептери, т.а., чыгарманын тилдик өзгөчөлүгү биздин изилдөөбүздө анализге алынды.

“Мөлмөлүмдү” канчалык майдалап, муундап, узун-туурасынан аралап сөз улаган менен, анын чыныгы идеялык-көркөмдүк күчүн, тереңде катылып жаткан сырларын аңдап, ачып бериш кыйын маселе экендигин моюнга алууга абзелбиз.

“Мөлмөлүмдү” окуган же уккан окурман ырдын ыргак-маанайы ичкилик кыргыздардын тилинин ыргагына, өзгөчөлүгүнө барып такалаарын аңдабай койбойт. Биринчи саптан баштап эле көтөрүңкү ыргак улам жогорулап отуруп, ырдын ортосуна жеткенде ал эң жогорку абалга жетип, акыркы саптарында кайра төмөндөп “үшкүрүп” отуруп калабыз.

Ырдын интонациясы да биринчи саптан баштап көтөрүңкү тон менен башталат да, негизги тон улам жогорулап олтурат:




Барпы Алыкуловдун аталган ырынын тилдик формасы да өзгөчөлөнүп турат. Ырдын башталышында көбүнчө атооч сөздөр, анын ичинде зат атооч сөздөр басымдуурак кылат: “гүл”, “Мөлмөлүм”, “Маргалаң”, “баланын”, “жүрөктүн”, “чөлдөрүн”, “бутуңдан”, “жытыңдан” ж.б.

Акын Чыгыш поэзиясынын классикалык үлгүлөрүн угуп, аны өзүнө сиңирбесе өз чыгармаларында пайдалана алмак эмес. Ырдын ушунчалык жандуу кабылданып кетишине, албетте ырдын назиктиги, шириндиги, ичкилик кыргыздарда колдонулуп жүргөн ичке [ә], созулма [әә] тыбыштарынын айтылышы да себеп болгон.

Барпы Алыкуловдун айрым ырлары Чыгыш классиктеринин чыгармалары сыяктуу, б.а., жазма профессионал поэзиянын деңгээлине чейин өсүп, өзүнчө стилге да ээ болгон:

“Аты эмес, өзү – алтын,
Асемдеп айткан сөзү – алтын.

Ачылган гүлдөй кези – алтын,
Алчадай кара көзү – алтын.
Оромол салган башы – алтын,
Оңолдой кара чачы – алтын.

Ыр ушинтип кайталоо менен аягына чейин жүрүп отурат. Барпы Алыкуловдун “Алтын” деген ырында колдонулган кайталоо ыкмасы анын чыгармаларында кездеше калган кокустук ыкма эмес, ал туруктуу эстетикалык принцип, Барпы акынга гана таандык болгон өзгөчө стилдин бири.

**Изилдөөнүн 2-параграфында** Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы сөздөрдүн өтмө маанилери иликтенди. Акын сөзгө бай, ошонун өзү өтмө маанини чебер колдонгондугун далилдейт:

“Эки илабиң – кызыл гүл,
Ачылгандай, Мөлмөлүм”     “Мөлмөлүм”.

Сөздөрдүн өтмө мааниде колдонулушу белгилүү бир реалдуу негиздер аркылуу ишке ашырылат, б.а., негиз болгон сөздөр атап турган нерселердин, көрүнүштөрдүн өңү-түсүн, кыймыл-аракетин, белги-окшоштуктарын өтмө мааниде көрсөтөт:

“Кош алма бышып калыптыр
Ак дөшүңдө, Мөлмөлүм”     (инв. 213/424, 30-б.).
“Кызыл алма бышыптыр,
Ак дөшүңдө, Мөлмөлүм”     (инв. 213/424, 30-б.).
“Багындырган жигитти,
Кош анарың, Мөлмөлүм”     (инв. 213/424, 31-б.).
“Көйнөк кийдиң жибектен,
Эки анжир төшүңдө”     (инв. 188/399, 93-б.).

Бул мисалдардагы сөздөр өз ара тизмектешип, ошону менен бирге лексикализацияланып, белгилүү бир түшүнүктү атоо үчүн колдонулган. Бул ыкма – сөз жасоонун аналитикалык ыкмасы деп аталат. Эгерде булардагы ар бир сөздү өз-өзүнчө ала турган болсок, анда: “кош”, “алма”, “кызыл”, “алма”, “кош”, “анар”, “эки”, “анжир” болуп эле алгачкы эле маанисин түшүнүп турабыз. Ал ыр саптарындагы “кош алма”, “кызыл алма”, “кош анар”, “эки анжир” деген сөз айкаштарынан акын жаш кыздын, бийкечтин эмчегин “кош алма”, “кызыл алма”, “кош анар”, “эки анжир” деп, сөздүн өтмө маанисин пайда кылып, аны менен аял затынын баалуу, ыйык жерин айтып жатат. Эмчек символикалык түрдө пайдаланылып, ал көбүнчө жаңыдан бойго жеткен, турмушка чыга элек кыздардын эмчеги тууралуу жана эмчек жаш кезде аялзатка көркөмдүк тартуулоочу көрүнүш катарында, поэтикалык маанайда көтөрүңкү пафосто сүрөттөлүп жатат да, поэзиядагы аялзатка карата болгон терең таазимдүү сезим автордук контекстте берилди.

Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы сөздөр өтмө мааниде колдонулушу автордун оюн күчөтүп, тереңдетип, көркөмдөтүп берилиш үчүн кыз-

мат кылат жана да ыр саптарынын уйкаштыгына шарт түзүп, поэтикалык системасына угумдуулук тартуулайт да, салтуулук менен ыргактуулукту ырастайт, ритмикалык ширетүү жаратып турат.

**Диссертациялык изилдөөнүн 2-бабынын 3-параграфында** акындын чыгармаларындагы этнолингвистикалык өзгөчөлүктөр изилденди. Этнолингвистика элдин тарыхы, каада-салты, маданияты, адабияты, көркөм өнөрү ж.б. баалуулуктары менен тыгыз байланышта болот.

Барпы Алыкуловдун ичкилик кыргыздардын тилиндеги этнолингвистикалык өзгөчөлүктөрдү жергиликтүү элдин жашоо шартына, этностук дүйнө таанымына, салт-санаасына, жүргүзгөн чарбачылыгына байланыштуу пайда болгон сөздөрдү, терминдерди, бирдиктерди, элдик туюмдарды – элдин руханий өмүрүн чагылдырган тилдик каражаттарды да өз чыгармаларында чеберчилик менен колдонгон. Мындай лексикалык бирдиктерге “сандал” [сәндәл], “илатива”, “арчы алышуу” дегендерди атоого болот. Мисалы: Сандал [сәндәл] – тактадан жасалган төрт буттуу буюм (стол). Суук түшкөн мезгилде үйдүн ортосундагы жерди тегерек кылып оюп, ага жыгачтын же көңдүн чогунан салып, төрт буттуу жыгачтан жасалган сандыкка окшогон столчону үстүнө коюп, үстүнө жууркан жаап, бутту ошол жууркандын ичине салып, бир нече киши олтура турган жер. Анын үстүнө дасторкон жайып тамактанса да, сабак аткарса да жана башка жумуштарды жасай берсе да болот. Акындын ыр саптарынан мисал келтирсек:

“Олтургун Таштан <u>сандал</u>га,
Олтуруп калем карман а.
Олтуруп алып мен дагы,
Омоктуу ырдан таштайын” (“Барпы: изилдөөлөр, эскерүүлөр”, 1994, 248 б.).

“Кыргыз тилинин сөздүгүндө” (2011, 416-б.): “Сандал I. 1. Түштүк өлкөлөрдө өсүүчү жыттуу сөңгөктүү бак. 2. Ушул бактын сөңгөгүнөн алынган боёк. 3. Көбүнчө такасыз тигилген жеңил, жайкы бут кийим. Сандал II. *эск.* Үйдүн (боз үйдүн) ичин жылытуу жана жылынуу үчүн жасалган очок” деп берилген. Ошондо сандал – бул кыргыз элинин алгачкы турмушунда колдонулган эски сөздөрдүн бири. Себеби үйдү жылытуу үчүн азыр сырттан кирген меш менен жылытуу (мечное отопление), суу менен иштөөчү система (паровое отопление), жылыткыч, ысыткыч (обогреватель) дегендерди анын ордуна колдонулуп жүрөбүз.

Барпы Алыкуловдун чыгармаларында “арчы алышуу” деген лексикалык бирдик колдонулган:

“<u>Арчы алышып</u> сүт берген” (инв. 188/399, 241-б.).

“Арчы алышуу” – бир үй-бүлө экинчи үй-бүлөгө уйларынын (же уюнун) сүтүн убактынча алмашуусу. Бул көбүнчө уйдун (ошондой эле койдун, кээде бээнин да) сүтү азайып, тартылып, байып калган мезгилде, күзүндө

жүргүзүлөт.

Арчы алышуу – бул тилдик тарыхый жана этнографиялык факты. Эгерде бул сөзгө тарыхый-этнографиялык өңүттөн баа берсек, биринчиден, мындай көрүнүштүн, аракеттин элибиздин турмушунда мурда болуп, анын изи биздин күнгө жеткендигин; бул ушул кезде да элет жерлеринде үй-бүлөлөр арасында күчүндө экендигин; экинчиден, биргелешип аракеттенүүнүн артыкчылыгын сезгендигин жана биргелешип аракеттенүү жолу менен азык-түлүк (сүт-азыктарын) даярдоонун эффективдүүлүгү, артыкчылыгы артаарын көрөбүз.

Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы мындай этнолингвистикалык өзгөчөлүктөр ичкилик кыргыздарынын ошол мезгилдеги жашоосунда колдонулган буюмдарынан, нерселеринен кабар берүү менен бирге аларды ыр саптарынын түзүлүшүнө өбөлгө кылган.

**2-баптын 4-параграфында** фразеологизмдердин поэтикалык мүмкүнчүлүгү изилденип, алардын көркөм текстеги кызматы аныкталды**.**

Көркөм чыгарманын тилине көркөмдүк берген эң маанилүү каражаттардын бири – фразеологизмдер. Фразеологизмдердин пайда болушу, мааниси, этимологиясы боюнча түркологияда да бир топ изилдөөлөр бар. Профессор Р.Эгембердиевдин пикири боюнча түркологияда фразеологиянын пайда болуу маселесине байланыштуу ойду алгачкылардан болуп профессор З.Г.Ураксин айткан. Ал башкырт тилиндеги фразеологизмдерди пайда кылган булактар динге, тарыхый-социалдык маселеге, кесиптик лексикага, эл колдонгон буюмдарга, фольклорго жана айбанаттарга карата пайда болот деген пикирди айткан.

Ал эми казак тилиндеги фразеологизмдердин келип чыгышы жөнүндөгү ойду профессор С.К.Кенесбаев айтып кетет. “Сөз айкаштары белгилүү бир формага келип, фразеологиялык даражага жетүү үчүн алар фразеологизмге тиешелүү касиеттерге ээ болуу керек. Белгилүү гана бир топтогу сөздөр узак мезгилдерден өткөн соң фразеологизмдик даражага жете алат. Ошол кубулуш тилдин ички мыйзамдарына улана жүрүп отуруп, фразеологиялык бирдик категориясы пайда болору анык” (Кенесбаев С.К. “Казак тилинин фразеологиялык сөздүгү”. – Алма-Ата, 1968, 599-б.).

Кыргыз тил илиминде фразеологизмдерге арналган бир топ фундаменталдуу эмгектер бар. Алар: Ж.Мукамбаев “Кыргыз диалектологиясы жана фразеологиясы” (1998), Р.Эгембердиев “Фразеологизмы в эпосе Манас” (1980), “Кыргыз тилиндеги фразеологизмдер”, “Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин семантикасы жана лексикографияланышы” (2009); А.Назаров «Художественные основы экспрессивности фразеологических единиц» (1985); А.Сапарбаев «Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы» (1997); Ж.Осмонова, К.Коңкобаев, Ш.Жапаров «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү» (2001, 2015); Ж.Осмонова «Кыргыз тилинин фразео-

логиясы» (2007) деген эмгектер.

Фразеологизмдердин көркөм чыгармадагы орду, кызматы жөнүндө окумуштуу А.Абыкеримова өз изилдөөлөрүндө кайрылган жана анда аны лигвопоэтикалык аспектиден анализ кылып: “Эркин сөз айкашы менен фразеологизмдерге метафоралуулук, экспрессивдүүлүк-образдуулук, компоненттүүлүк мүнөздүү” (Абдыкеримова А.Э. “Лингвопоэтика: Статусу жана проблемалары”, 2008, 148-б.) экенин айтып келип, булардын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө сөз кылган.

Барпы Алыкулов кыргыз тилиндеги фразеологизмдерди терең өздөштүргөн, аларды өз чыгармаларында чеберчилик менен пайдалана билген, сөздөрдүн, болгондо да туруктуу сөз айкаштарынын “даамын” терең өздөштүргөн акындарынын катарына кирет. Буга мисал катары:

“Астайдил саңа [сага – Т.С.] мен күйдүм, досум,
Айылга келсен кетпейсин, досум” (инв. 198, д. 1, 2-б., 7-куплет).

Бул ыр саптарындагы <u>астайдил күйүү</u> деген айкашта ээрчишүү сакталган жок. Себеби мында “астайдил” деген сөз иран тилинен кабыл алынган сөз (...от всего сердца, искрение; жеңишке астайдил ишенишкен стих. В победу они искренние верили) (Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. – Москва, 1965, 75-б.). Мындагы [а] тыбышы тилге карай жоон, ал эми эрин күүсү боюнча эринсиз, [и] тыбышы тилге карай ичке, ээрчишүү тилге карата сакталган жок, бирок сөз айкашынын кийинки түгөйү <u>күйүүдө</u> ээрчишүү толук сакталып, “чындап жакшы көрүү”, “жан-дили менен жактыруу” деген маанини туюндуруп турат. Бирок бул жерде сөз айкашын акын өздөштүрүлгөн сөздөр аркылуу да курап жаткандыгын эске алышыбыз керек. Бул жагдай төкмөчүлүк акындын тилинин молдугун талап кыла турган өнөр дегенди билдирет. Ал эми:

<u>Жүрөктүн башы муз болуу</u> – капа болуу, көңүлү, маанайы чөгүү:

“Чакырып келген жеңемди, досум,
Катуу кагып кайтардык, досум,
Жеңе – айым кетти суз болуп, досум,
<u>Жүрөктүн башы муз болуп</u>, досум” (инв. 198, д.1, 14-б., 66-куплет).

<u>Жазыбыз жаңы болгондо</u> – он гүлүбүздөн бир гүлүбүз ачыла баштаганда, турмушка жаңыдан кадам таштаганыбызда:

«<u>Жазыбыз жаңы болгондо</u>, досум,
Жаңыдан журтка конгондо, досум» (инв.198, д.1, 1-б., 2-куплет).

Келтирилген фразеологизмдер акындык чыгармачылык менен ыр саптарына сиңирилип, андагы муун өлчөмдөр да сакталган. Ошону менен бирге автордун өзүнүн чыгармачылыгы менен берилген фразеологимдер да колдонулган:

<u>Көздүн жашын курутпай</u> – кордойт, зордойт, кыйнайт, азапка салат:

“<u>Көздүн жашын курутпайт</u>,

Адам муну унутпайт!”                    (Барпы,1995,21-б.).

Шору кайноо – кыйналуу, көрбөгөн азапты көрүү, азаптын торуна тушалуу:

“Байлар чардап бээ байлайт,
Томаякта шор кайнайт”                    (Барпы,1995,21-б.).

Бул эки саптын башында «байлар», «кедейлер» деген лексемалар фразеологиялык талааны (же аймакты) жаратып, семантикалык угут болуп турат да, андан ары фразеологиялык курам түптөп, семемалык ширешменин көркөмдүк кызматына шарт түзүп турат.

Барпы Алыкуловдун поэзиясында колдонулган фразеологизмдер – тематика боюнча алганда да, түзүлүш курамы боюнча алганда да, грамматикалык мүнөзү боюнча алганда да ар түрдүү. Алар ыр саптарындагы ойдун таамай, эмоционалдуу, образдуу жана да көркөм болушун шарттап турат, б.а., фразеологизмдер – лексика-семантикалык салттуулуктун, кыргыз поэзиясында ойду окурманга жеткире билүүнүн ыктуу жолу.

**III бап “Тилдик көркөм каражаттардын акындын ырларындагы орду”** деп аталып, мында синоним, эвфемизм, антоним, салыштыруу, жандандыруу, редупликация сыяктуу тилдик каражаттар Барпы Алыкуловдун чыгармаларында кандай колдонулгандыгы анализге алынды.

Синонимдер семантикалык жактан бирдей же жакын түшүнүктү билдирип, өздөрүнүн мүнөзү, маанилештиги боюнча дайыма бир сөз түркүмүнө тиешелүү болуп, негизинен бирдей маанини билдирип, бирдей грамматикалык формада келишет жана синонимдик бирдей милдет аткарат. Синонимдер боюнча кыргыз тил илиминде окумуштуу Б.Суранчиева изилдөө ишин жүргүзгөн. Окумуштуу өз изилдөөсүндө кыргыз тил илиминде биринчи жолу синонимдеш тилдик бирдиктерди кепте колдонулушу боюнча негизги классификациясын сунуштаган. Мындан сырткары кыргыз тил илиминдеги синоним кубулушуна окумуштуулар Т.Ахматов, Ж.Мукамбаев, Ж.Мамытов, С.Өмүралиева, Ш.Жапаров, К.Сейдакматов ж.б. илимпоздор өз эмгектеринде кайрылышкан.

Синоним сөздөр автордун оюн тактап, сөз маанилериндеги ар түрдүү оттенкаларды, маанинин ар башка нюанстарын жеткиликтүү бере алат. Анткени синонимдердин стилистикалык функциясы өтө кеңири. Чыгарманын тилиндеги көркөмдүүлүктүн ар түрдүү боёктору синонимдик катарлар аркылуу жаралып, окурманды шыктандырат. Барпы Алыкулов көркөм чыгармаларында синонимдерди ыктуу пайдалануу менен, көркөм сөз чебери катары ойдун образдуулугун, айкындуулугун арттыра алган жана синонимдерди ар жактуу, ийкемдүү колдоно билген:

«Акыйкатсыз элди жеп,
Аш-той берген беренди,
Адамга салган чеңгелди».

Бул ыр саптарындагы аш-той - текст боюнча синонимдер. Мындагы аш – 1. Тамак, оокат (КТС: 2011, 1-том, 171), ал эми той – 1. Кандайдыр бир жакшылыктарга, салтанаттуу күнгө карата болгон майрам (КТС: 2011, 2-том, 561) деген маанилерди билдирет. Акындын ыр саптарындагы синонимдердин мааниси сөздүктөгү маанилер менен дал келип жана анда эки сөз катар колдонуу менен, ырдагы маани дагы тереңдетилип берилип турат. Мындай учурда бир сөздүн мааниси жетишсиз болуп, аны экинчи сөз толуктап, андагы ойду коштоп, тереңдетип тургандыгын да белгилейбиз.

Ал эми тикте – кара – көз жүгүртүү, назар таштоо, байкоо:

“Кашаттан тиктеп, карайсың досум,
Качан бир сөзгө жарайсың, досум”

(инв.198, д.1, 2-б., 9-куплет).

Казуу – аңтаруу – тинтүү, оодарып – ачуу, бекитилгенди издөө:

“Күлөтүң [күлпөтүң – Т.С.] издеп келгендер, досум,
Күл дөбө казып, аңтарсын, досум”

(Барпы, 1984, 125-б.).

Мындай синонимдик катарлар чыгарманын мазмунун жетелеп, идеясына багыт берип, олуттуу жүк аркалап турган поэтикалык сөздөр. Алар дал ушул контекстте ушул абалга дуушар болду жана автордук-индивидуалдуулук чыгармачылыктын жемиши.

Башка тилдерден сөздөрдүн кабыл алынышы да синонимдик катарды пайда кылат. Кыргыз тилине иран-тажик, уйгур, өзбек тилдеринин лексикалык бирдиктери кыргыз тилинин түштүк диалектилери аркылуу кабыл алынган. Өздөштүрүлгөн сөздөрдү ошол тилдеги сөздөр менен бирдей, катар колдонуу - жаңы түзүлүштү түзүү ыкмасы. Бул ыкма – кыргыз акын-жазуучуларына мүнөздүү көрүнүш.

Барпы Алыкулов иран, тажик, уйгур жана өзбек тилдериндеги лексикалык каражаттарды чебер колдонуп, аны менен бирге ичкилик кыргыздардын тилинин өзгөчөлүгүн да көрсөтө алган:

Таги – түбү:

“Мурунку баатыр шашылбайт,
Таги – түбүн жашырбайт” (инв. 188/399, 147-б.).

Таги – бул сөз өзбек тилинин сөз бирдиги. Өзбек тилинде таг (Узбекско-русский словарь, 1988, 412-б.) – асты деген маанини түшүндүрөт. Ал эми бул мисалда таги-түбү деген синонимдик алкакта пайдаланылып жатат. Мында таги – диалектилик сөз, түбү – адабий тилдеги сөз = экөө биригип, синонимдик түгөйдү түзүү менен, ырда образдуу мазмун, көркөмдүк жаратып жатат. Бул да болсо Барпы акындын тил байлыгынын кенендиги жана аны чыгармачылыкта пайдалана билгендиги.

Барпы Алыкулов чыгармаларында эвфемизмдерди да чебер колдоно билген. Эвфемизмдер адамдардын жүрүш-турушундагы коомдук этикалык

нормалардан, сылык сүйлөө маданиятынан келип чыккан жана ал – конкреттүү бир тилде сүйлөгөн элдин философиясын, бүтүндөй дүйнө таанымын, психологиясын өзүнө сиңирген тилдик бирдиктер. Демек, эвфемизм – бул синонимдердин стилдик өзгөчөлүгү:

"Жалындуу тиет кармасам,
Жагоосу барбы койнуңдун?
Жата албадым демигип,
Жалыны барбы койнуңдун?" (инв.213424, 29-б.).

Ырдын биринчи эки сабы:

"Жалындуу тиет кармасам,
Жагоосу барбы койнуңдун?" деген ыр саптарында: 1) сенин курагың толуп-толкуп турган учуру; 2) сенин турпатың, мүчө келбетиң жалындаган жалын болуп, жанып турган кези; 3) сенин күлгүн курагың жалын болуп жанып турат деген семантикалар орун алган. Талдоого алынган саптарда эвфемизмдер генитивдик курам же конструкциялар аркылуу реализацияланды. Бул акындын поэтикалык табылгасын көрсөтүп, эвфемизмдин кепте жашашы айкын-айкын көрсөтүлүп турат.

Ал эми кийинки:

"Жата албадым демигип,
Жалыны барбы койнуңдун?" деген саптарында ойдун элестүү берилишин пайда кылды: 1) аллитерация – жалаң үнсүз [ж] тыбышынын ыр саптарынын башында келиши; 2) үндөштүк мыйзамынын туруктуу (негизинен, жоон үндүүлөр боюнча да, ичке үндүүлөр боюнча ырааттуу) сакталышы – эвфонияны көтөрүңкү маанайда жаратты. Булардын бары эвфемизмди жаратты. Мындай көп кырдуу, көп жактуу лингвопоэтикалык көрүнүш – апыздын ырларынын залкардыгы, ошол эле учурда автордукчечендик өнөрүнүн түйүнү.

Кыргыз тилиндеги антонимдерди атайын илимий иликтөөгө алган изилдөөчүлөр бар, алардын алгачкыларына окумуштуу С.Давлетовду атасак болот. Анын 1960-жылы «Антонимдер жөнүндө» деген чакан макаласы жарык көргөн. Ал макаласында илимпоз антонимдерди маани жактан карама-каршы сөздөр катары карайт жана антонимдер туюндурган нерселердин ортосунда жалпылык бардыгын, дал ушул жалпылык аларды карама-каршы коюуга өбөлгө түзөөрүн айтып, алар контекстке карата карым-катышына карай нагыз антонимдер жана контексттеги антонимдер деп экиге бөлөт. Контексттеги антонимдерди бир тилде сүйлөөчүлөр үчүн жалпы мүнөзгө ээ болбогондуктан индивидуалдык антоним катары карайт; антонимдер айтылуучу ойду күчөтүү, аныктоо максатында көркөм адабияттарда кеңири колдонуларын айтат (Давлетов: 1960). Окумуштуунун бул изилдөөсү кыргыз тилиндеги антонимдердин изилденишине алгач чыйыр салган.

Кыргыз тил илиминде антонимдерге байланыштуу изилдөө окумуштуу

Б.Усубалиевге таандык. Ал 1983-жылы «Кыргыз тилиндеги антонимдер» («Антонимы в киргизском языке») деген аталышта кандидаттык диссертациясын коргогон. 1987-жылы «Антонимдер жана аларды окутуу» деген монографиясы жарык көргөн.

2010-жылдардан баштап антонимдер логика-грамматикалык жана когнитивдик-лингвистикалык нукта изилдене баштаган. Бул багытта окумуштуулар А.К.Дунканаевдин «Кыргыз макалдарынын тексттик-коммуникативдик өзгөчөлүктөрү» (2010), С.Б.Эргешованын "Паремиялардагы антонимдик концепттердин менталдык мазмуну" (2012) деген темадагы изилдөөлөрү бар. Бул эмгектер антонимдерди жаңы өңүттө иликтеп, алардын жаңы белгилерин, касиеттерин, табиятын, маңызын дагы тереңирээк ачып берген.

Кыргыз тил илиминде антонимдердин стилистика-поэтикалык аспектиде филология илимдеринин доктору Т.Аширбаев "Кыргыз тилинин стилистикасы" (2000) деген эмгегинде кайрылып, илимий-теориялык натыйжаларын берген.

Антонимдердин Барпы Алыкуловдун чыгармаларында тилдик каражат катары стилистикалык жактан аткарган кызматы өтө чоң, ошону менен бирге кеңири. Антонимдер ар кандай стилистикалык милдет аткарат жана ойду эмоционалдуу, образдуу кылып бере алат:

"Жандуу менен жансызга,
Алдуу менен алсызга,
Ысык менен ызгаарга,
Ыраактагы муздарга;
Айбан менен адамга,
Ар пуркалуу (түрдүү) заманга" (Барпы: 1995, I т., "Жер" , 29-б.).

Акындын "Жер" деген ыры 24 саптан турат. Ырдын башка чыгармаларынан айырмачылыгы 24 сап ыр жалаң антонимдерден (өлүм менен өмүр, чындык менен төгүн, купуя менен чуу, жакшы менен жаман, адал менен арам, караңгы менен жарык) куралгандыгында. Бул да болсо, акындын өзгөчө чыгармачылыгы, чеберчилиги деп белгилөөгө болот. Мында өлүм – өмүр, жакшы – жаман, адал – арам бири-бири менен үндөштүктө уюшулган тыбыштык окшоштуктар бар, алар, негизинен, үндүү, үнсүз тыбыштардагы ички кубулуштар карама-каршы сөздөрдүн ортосунда тыбыштык үндөштүктөр аркылуу уюшулуп, ыр саптарында уйкаштыкты, ырга тиешелүү ыргакты жаратты. Бул өз учурунда бөтөнчө стилдик ыкмада уюшулуп, дабыш коздугун, уккулуктуулугун жаратуу менен бирге антонимдердин ыр саптарындагы семантика-стилистикалык өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп турат.

Барпы Алыкуловдун чыгармаларында колдонулган антонимдер, биринчиден, тилдик көркөм каражат; экинчиден, алардын фонетика-стилистикалык, лексика-стилистикалык жактан аткарган кызматы чоң; үчүнчүдөн, чыгармаларында кеңири колдонулат; төртүнчүдөн, чыгарманын көркөмдүүлү-

гүн арттырат; бешинчиден, ыр саптарында ыргакты жаратат; алтынчыдан, өзгөчө стилдик ыкмада уюшулуп, өздөрүнө тийешелүү семантика-стилистикалык өзгөчөлүктөргө ээ болот.

Салыштыруу – кептин стилдеринин табиятына ылайыкталып, түрдүү структурада колдонулат, ошону менен катар эле образдуу көркөм сүрөттөөнүн эң негизги каражаттарынын бири да болуп эсептелинет. Салыштыруулар көркөм чыгармада көркөм образдарды, жеке адамга тиешелүү өзгөчөлүктөрдү так, ачык, даана чагылдырууга, түзүүгө жана тексттеги окуяны да жеткиликтүү сүрөттөөдө да, сөз маанисин кеңири түшүнүүгө да мүмкүнчүлүк түзөт. Кыргыз тил илиминде салыштырууларга Ж.Жантөшева (“Салыштыруу – К.Жантөшевдин чыгармачылыгындагы сүрөттөөчү көркөм ыкма”, 1981), Б.Усубалиев (“Көркөм чыгармага лингвистикалык илик”, 1994), А.Оморов (“Жолон Мамытовдун ырларынын поэтикасынын айрым маселелери”, 2002), А.Э.Абдыкеримова (“Көркөм сөздүн поэтикасы”, 2003), А.Акынбекова (“Молдо Нияздын чыгармаларындагы тилдик өзгөчөлүктөр” 2011) ж.б. кайрылышкан.

Барпы Алыкуловдун ыр саптарындагы салыштыруулар, биринчиден, сүрөттөлүп жаткан буюмду, нерсени, көрүнүштү, түшүнүктү, окуяны, адамдын ички сезимин даана чагылдырып берүү; экинчиден, окурмандын сезимин козгоо. акындын өзгөчөлүгүн, анын турмушка болгон ой жүгүртүүсүн, көз карашын чагылдырып берет, андан төкмөнүн чеберчилигин, өзгөчөлүгүн баалоого да көмөк көрсөтөт:

“Сүйлөш үчүн тил керек,
Ырдаш үчүн үн керек.
Сөздү сөзгө кынай бил,
Маш зергердей чегелеп.
Ырчы болсоң – төкмө бол,
Ак жаандай себелеп”.

Маш зергердей чегелеп – мында салыштыруунун өзөгүн зергер – сөзү ээлеп, аны маш (же машыккан эллипсиске учураган экспрессема) коштоп, конструкцияны түздү да, ойдун экспрессивдүү табиятын жаратып, аны окурманга уккулуктуу болуп, жеңил жетишине шарт жаратты. Бул салыштыруунун образдуулук талабына шайкештелген көрүнүшү. Ушундай эле абалда ак жаандай себелеп деген курамды да алсак болот, семантика-стилистикалык өңүттөн алганда – узакка созуп жана мазмундуу, угумдуу кылып даана ырдоо дегендикти туюнтат да, метафора салыштыруу түрүндө болду жана жандандыруунун үлүшү кошо байкалып, экспрессема поэтикалык материалдын алкагында жайгашты, орун алды.

Ал эми маш зергердей чегелеп – дегенге семантика-стилистикалык аспектиден назар салсак, алтынды алтындай ажарланта кынаган устадай аракеттенүү керек деген ой берилди да, салыштыруу эпитет түрүндө текстке

айкаштырылды. Демек жогорудагы эки салыштыруу конкреттүү жагдай менен бааланат да, жалпы эле салыштыруулар элдик түшүнүккө негизделип, образдуулуктун алкагынан орун алат.

“Күн нурундай касиет
Издеген менен табылбайт» (Барпы, 1995, 23-б.) деген ыр саптарындагы салыштыруу төмөндөгүдөй талаптарга жооп берет:

1) номинативдүү мааниси түшүнүктүү;
2) азыркы поэзияда (шартка жараша универсалдуу мүнөздө) жыш колдонулат. Лексика-стилистикалык турпаты: Күн нурундай болгон касиетти издегениң менен таппайсың – болуп берилет.

Барпы Алыкуловдун чыгармаларында салыштыруу ыкмасы өтө көп колдонулган. Салыштыруу биринчиден, сүрөттөлүп жаткан буюмду, нерсени, көрүнүштү, түшүнүктү, окуяны, адамдын ички сезимин даана чагылдырып берүү; экинчиден, ошол эле мезгилде буга болгон окурмандын сезимин козгоо, ойго салуу үчүн кызмат кылат:

“Ай чырайлуу Ноодайым,
Күн чырайлуу Ноодайым” (инв. 188/399, 103-б.). Бул ыр саптарындагы “ай чырайлуу, күн чырайлуу” деген салыштыруулар эллипсис конструкциясы аркылуу ишке ашкан. Мындай көрүнүш байыркы. Ал элдин элегинен өтүп, туруктуу турпатка айланган синтаксистик үлгүлөрдүн жашап жатышынан кабар берет. Мындай кыскарган же морфологиялык эллипсис антропонимдерден, т.а., Айсулуу ← ай+дай+сулуу, Күнсулуу ← күн+ дөй+ сулуу деген энчилүү аттардан да учурайт. Демек, акын сейрек учураган лингвистикалык каражаттарды да чыгармасында чыгармачылык менен пайдаланган. Андан жарашыктуу, уккулуктуу абаз жараткан.

Ал эми төмөндөнкү ыр саптарында:

“Жарыктыгың электр
Чырагыңдай, өзгөчөм.
Сымбатың сенин Москва,
Дарагындай, өзгөчөм” (Барпы: “Өзгөчөм”, 1995, 51-б.).

Мында, биринчиден, мурунку айга, күнгө окшоштурган эски эпитеттерден качып, акын жаңы эпитеттерди колдонгон; экинчиден, сүйгөн жарды электрдин чырагына, Москванын дарагына да салыштырат; үчүнчүдөн, ошол мезгилдеги дүйнөнү кабылдоолору, ой-кыялдын ыр саптарында салыштыруу аркылуу берилиши. Бул акындын өзүнүн стилине таандык.

Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы салыштыруулар ар түрдүү жана аларды тематикалык жактан төмөндөгүдөй топторго ажыратабыз:

1. Жан-жаныбарларга байланыштуу салыштыруулар (кундуздай, каргадай, койдой, жолборстой, куштай, тоту куштай, жыландай, ок жыландай, булбулдай, торопойдой, бөрүдөй, ач бөрүдөй, каздай, куландай, кунандай, бүркүттөй);

2. Үй буюмдарына байланыштуу салыштыруулар (чыныдай, камчыдай, оймоктой, үзүктөй, түркүктөй, чырактай);

3. Кымбат баалуу асыл заттарга байланыштуу салыштыруулар (гөвөрдөй/гавардай, жамбыдай, күмүштөй, алтындай, сымаптай);

4. Кишинин мүчөсүнө, дене түзүлүшүнө байланыштуу (билектей // жең билектей, чынчалактай, өпкөдөй);

5. Планеталардын аттарына байланыштуу (ай чырайлуу // айдай, күн чырайлуу // күндөй,);

6. Жаратылыштын кубулуштары менен көрүнүштөрүнө байланыштуу (жамгырдай, өрттөй, суудай, тумандай);

7. Ар кандай топтогу салыштыруулар (чайдай, парпректей, чыбыктай, көчкөндөй//тоо көчкөндөй, жер жарылып көчкөндөй, жетимдей, чөптөй, олоңдой, арпадай, самандай, баласындай, данасындай, барасындай, жериндей, өткөндөй, курактай);

8. Кооз, таза заттарга байланыштуу салыштыруулар (гүлүндөй, айнектей, шайисиндей, майизиндей);

9. Ономастикалык салыштыруулар (кыргыздай, Таластай, Манастай).

Жандандыруу – лингвопоэтикалык изилдөөлөрдүн ичине кирет. Бул багыттагы жарык көргөн эмгектерге: М.Борбугуловдун “Адабият теориясы” (Окуу китеби, 1996); Р.З.Кыдырбаева менен К.Асаналиевдердин “Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү” (Б.: БГУ, 2004); А.Э.Абдыкеримованын “Көркөм сөздүн поэтикасы” (канд. дисс., 2003), А.Акынбекованын “Молдо Нияздын чыгармаларындагы тилдик өзгөчөлүктөр” (канд. дисс., 2009) деген эмгектерди кошууга болот.

Жандандыруу (грекче – прозопепея, орусча – олицетворение) – персонализация, персонификациялоо же жансыз, абстрактуу заттарга тирүү, жан-жаныбарлардын сапатын берүү, көрсөтүү аркылуу алардын сүйлөө, ойлоо, сезүү, көрүү жана башка жөндөмү бар нерсе (зат) катары көрсөтүү. Мындай абал – байыркы замандардагы кишилердин жаратылыш жөнүндөгү дүйнө түшүнүгү, туюму.

Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы жандандыруулар жаратылыштагы табигый процесстерге – физикалык агымдарга карата колдонулуп, өтмө маанинин бир кубулушу – көркөмдүк катары кеңири жана ар түрдүү, ар кандай турмуштук жагдайларга, кырдаалга жараша чеберчиликте, чыгармачылыкта пайдаланылган:

«Айтайын эми калкыңа, досум,
Өлгөнүң [өлгөнүңдү – Т.С.] эл билсин, досум.
Өйдөтөн соккон жел билсин, досум,
Ажалың [ажалыңды – Т.С.] эл билсин, досум.
Алыстан соккон жел билсин, досум» (инв. 198. д.№ 1).

Жел – бирде катуулап, бирде акырындап туруучу абанын агымы, акы-

рын жүргөн шамал (Кыргыз тилинин сөздүгү: 2011, 537-б.). Сөздүктөгү мааниси боюнча жел – бул жаратылыш кубулушунун бири, жансыз нерсе. Ал акындын ыр саптарында жандандырылып, анын түбөлүктүүлүгү, ошондой эле калыстыгы, адилеттүүлүгү метафора жолу менен берилип жатат. Мындай көрүнүш автордун философиялык көз карашы, жаратылышка карата болгон түшүнүгү менен да байланыштуу.

Барпы Алыкуловдун «Шамал» деген ырында:

“Тоонун ташын уратып
Ак теректи сулатар.
Начар үйдү кулатар
Кулагы бар шамалдын.
Көзгө илинер түсүң жок,
Бирок чатак мүнөзүң.
Деңиздин суусун терметип,
Көрбөгөндү көрсөтүп
Тоодой толкун түзөсүң.
Толкун менен кошулуп
Жээкти келип сүзөсүң.
Баарын көккө сапырган
Куюну бар шамалдын.
Сыдырым соккон салкын жел
Келини болот шамалга
Айта берсе түгөнбөйт,
Айдар аттуу шамалдын” (Барпы, 1-том, 1995,38-б.).

Чыгармада шамалдын өздүк лингвистикалык автопортрети даана чагылдырылып, анын албууттанган мүнөзү сүрөттөлүп, «салкын жел деген келини» болору, «Айдар» деген энчилүү аты да бар экендиги айтылат. Мында шамалдын экспрессивдүүлүк-эмоционалдуулук жагы, поэтикалык тилдеги сөздүк мазмундун курамында семантикалык структурасы трансформацияланды, ошол эле учурда сөздү колдонуунун контексттеринин парадигмасы да ачылды.

Редупликация**.** Редупликация – лингвистикада өзүнчө көрүнүш. Редупликациялык жол менен сөз жасоо жана аларды пайдалануу амалы кыргыз лексикасында өзүнчө уникалдуу топту түзөт. Мисалы: акак, укук, келкел, булбул, айай ж.б. Редупликациялык көрүнүштөр өзүнүн тыбыштык турпаты, көрүнүшү боюнча төмөндөгүдөй бөлүнөт:

1. Бир ачык муундун кайталанышынан сөздүн пайда болушу:

Баба (←ба+ба) – тууганчылык термини (атадан улуу тууган киши);

Бүбү (←бү+бү) – билимдүү, көзү ачык аял зат;

Кака (←ка+ка) – бала сөзү, лексикасы (кир, булганыч, жаман, таза эмес дегенди билдирет.

2. Бир жабык муундун кайталанышынан пайда болгон сөздөр:

Айай (←ай+ай) – бала сөзү (кооз, татына);

Акак (←ак+ак) – кооздук, асыл зат;

3. Бир туюк муундун эки ирет кайталанышынан улам пайда болгон (жаралган) сөздөр:

Байбай (←бай+бай) – чочуганда айтылуу, сырдык сөз;

Балбал (←бал+бал) – жагымдуу көрүнүш;

Борбор (←бор+бор) – орто, ортосу, орто жери;

Булбул (←бул+бул) – үнү мукамдуу угулган, кичинекей куш, чымчык;

Келкел (←кел+кел) – пайда болуу, жаралуу, жоктон жаралуу;

Коркор (←кор+кор) – угулар-угулбас бир аз көтөрүңкү, жай добуш;

Маймай (←май+май) – жагымдуу, жарашыктуу көрүнүш, абал;

Мөлмөл (←мөл+мөл) – сүйкүмдүү, сулуу;

Саксак (←сак+сак) – 1. Абайлоо; 2. Артынан калбай, тынбай көз салуу;

Тартар (←тар+тар) – куштун түрү, орусча: коростель, дергач.

Барпы Алыкуловдун ыр саптарындагы аял кишинин энчилүү поэтикалык аты Мөлмөл. Бул бир туюк муундун эки ирет кайталанышынан же редупликациялык жол менен (мөл+мөл) жасалып, эркелетүү, жактыруу, жакшы көрүү маанисин берип турат:

“Ак зоонун башы жошолу,
Атыңдан Мөлмөл кошолу.
Атыңдан Мөлмөл кошпосок,
Биз жигиттин осолу” (инв. 424/313, 191-б.).

Редупликация жалпы аттарда (байбай,), энчилүү аттарда (антропонимдерде – Моймой, Мөлмөл), зоонимдерде – куштардын аттарында (тартар, булбул) да кезигет. Ал сөздүн тыбыштык турпаты, туюнткан мааниси, ошондой эле шарттуулук, образдуулук менен байланыштуу болот. Бул көркөмдүк, экспрессивдүүлүк жана эмоционалдуулук жагдай менен шартталып, автордук ыкмага, чыгармачылык аракетке барып такалат жана реалдуу турмуш, кишини курчап турган айлана-чөйрө төкмөнүн эмоциясын күчөтүп, эселентип берүү аракети менен байланышкан акындык чеберчиликтин өзгөчө көркөмдүк өздүк ыкмасы же автордун акындык потенциалы, көркөмдүк мерчеми.

**IV бап. “Барпынын поэтикалык лабораториясы”** деп аталып, ичинен 6 параграфка бөлүнүп, анда акындын чыгармаларынын өзгөчөлүгү, уйкаштыкты, оксюморон менен энантиосемияны, ономастиканы колдонушу изилденип, акындын чыгармаларына текстологиялык анализ жасалып, “Мөлмөлүм” аттуу ырындагы сөздөрдүн колдонулуш жыштыгы аныкталды.

Барпы Алыкулов кыргыз тилиндеги элдик жана салттуу каражаттарды шартка жараша пайдаланып, аларга жаңыча өң-түс берип, конкреттүү жагдайда чыгармачылык жана изденүүчүлүк эргүү менен мамиле кылган. Бул көрүнүш ырга поэтикалык маанай жаратып, анын чыгармаларына өмүр тар-

туулап, элге жеткиликтүү, угумдуу болушун шарттаган. Мындай көрүнүштөргө коннатациялык антонимдик, омонимдик микросемемаларды киргизүүгө болот. Бул коомдун мүчөсүнүн аң-сезимине сиңген, түшүнүктөрүн чагылдырган, чагылдыра бере турган, негизинен номинативдик кызмат аткарган, ийкемдүү, ошол эле учурда универсалдуу көрүнүш. Тилдик каражаттар контекстте сүрөткердин эстетикалык табитине, поэтикалык туюмуна, лингвистикалык "сабатына", интелектуалдык деңгээлине жараша тереңдетилет жана кеңейтилет:

«Ыр дегенде өлөмүн,
Ырды жандай көрөмүн.
Ышкылуу сөздү ыр менен
Ылгап кумдай бөлөмүн.
Ыкылас койдум шул ишке,
Ырдын пири жөлөгүм.
Жөнөкөй сөздү кынадым,
Жан эриткен ыр менен.
Барпы көр кошкон экен деп
Ырдасын жаштар миңдеген» (Барпы: "Ыр",1995, 19-б.).

Мында «Ыр дегенде өлөмүн» деген сапта – өтө жакын көрөмүн, жандай сүйөмүн, бөтөнчө жактырамын деген маанидe (жок болуу, жоголуу маанисинде эмес) жана "өлөмүн" деген лексикалык бирдик коннатациялык антоним маанисинде ойду күчөтүп, киши туюмуна кубулжута таасирдүү айтылган. Ырда эмоционалдуулуктун бир микросемемасы ажарланды. Ушул ой дагы да күчөтүлгөн абалда «Ырды жандай көрөмүн» деген сөз тизмектеринде (синтаксистик синонимде) толукталды, улантылды. Ушундай ыр түзүлүшүнөн поэтикалык кубулжума синтезге жана дагы семантикалык контаминациялык көрүнүшкө назарыбыз түшөт.

«Ышкылуу сөздү ыр менен, Ылгап кумдай бөлөмүн» – бул саптарда өтө тыгыз кыналышкан сөздөрдүн микросемемалык катышы (кыналышкан кыртышы) жатат, чечмелеп айтканда, сөздөрдүн горизонталдык абалы кыйгач денотациясы боюнча синонимдүүлүк да, омонимдүүлүк да, антонимдүүлүк да, ошондой эле паронимдүүлүк маңыз да орун алган. Ушундан улам бул жерде экстралингвистикалык фактор негизги роль ойноп турат деп айта алабыз. Ал эми «Жөнөкөй сөздү кынадым, Жан эриткен ыр менен» деген саптарда синтаксистик кубулуштар менен омонимдик (айрыкча оксюморондук) процесси морфонологиялык абалда жана фразеологиялык деңгээлде берилген. Бул структуралык стилистиканын өздүк же автордук көрүнүшүнөн кабар берип, апыздын устаттыгынын көп жолку аракетин тастыктайт да, анын залкарлыгы ойду терең бере билгендигинде, сезе да билгендигинде жатат. Мындай коннатациялык көрүнүштөр Барпы Алыкуловдун ырларынын өтө тереңинен орун алган, синонимиянын семантика-стилистикалык кыртышына бекем сиңген,

тилдик көркөм каражаттардын синкретизм абалынан кабар берип турат. Ушунун өзү – акындын тили, бул анын чыгармаларынын жүзү жана күзгүсү.

Төртүнчү баптын 2-параграфы **“Уйкаштык жана анын эвфониялык кызматы”** деп аталат. Тил илиминде уйкаштыктын табият маңызын, анын спецификасын ачып берүү үчүн бир топ изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Уйкаштык – көркөм тексттин метрикалык, фонетикалык жана семантикалык түзүлүшүнө тиешелүү жана уйкаштык – ырдын метрикалык композициясында уюштуруучу кызмат аткарган тыбыштык кайталоолор, ошондой эле уйкаштык – бул ыр жолдорунун ритмикалык түзүлүшүнүн белгилүү бир жеринде туруучу эки сөздүн үндөштүгү. Уйкаштык – саптардын акырындагы сөздөрдүн үндөштүгү, бир сабактын эки же андан көп саптарынын акырындагы тыбыштык кайталоолор. Демек уйкаштык – чыгармадагы, ырдын саптарындагы, кээде куплеттериндеги айрым сөздөрдүн, сөз айкаштарынын көбүнчө ауслаутта, ошондой эле инлаутта, анлаутта алмашып, жакындашып ырды ыр деңгээлине көтөрүш үчүн чыгармачылыкта кайталанышы. Уйкаштыктын кайчы, аттама, эгиз, жалгашма, желдирме жана чырмашма деген түрлөрү Барпы Алыкуловдун поэзиясында көп кездешет:

“Т е с к е й д е г и *миң өрүк,*
Дегдедим, Самар, *бир көрүп.*
К ү ң г ө й д ө г ү *миң өрүк,*
Күйдүм, Самар, *бир көрүп”* (Барпы: “Самар”, 1984,89-б.).

Уйкаштык акындын ырларындагы бир куплеттин чегинде да, куплеттердин арасында реализацияланып, поэтикалык кудуретке ээ болгон. Бул мисалда уйкаштык бир куплеттин чегинде уюшулган, орун алган жана 7 муун өлчөмүндө түзүлүп, куплеттин биринчи сабынын башы <u>тескейдеги,</u> үчүнчү саптын башы <u>күңгөйдөгү</u> деген сөздөр менен өз ара байланышып, ошол эле учурда бул эки сөз энантиосемиялык мүнөз жаратып турат. Ушул куплеттеги экинчи саптын башындагы <u>дегдедим</u> менен төртүнчү саптын башындагы <u>күйдүм</u> деген сөздөр дагы бир уйкаштык абалды пайда кылып турат, бирок мында энантиосемиялык эмес, синонимдик, болгондо да ойдун өзөгүндөгү талаа алкагын пайда кылып жатат. Мында элдик оозеки ырлардын семантика-коннотациялык чынжырынын жашап жатат жана акындын ырларынын табигый кыртышы терең жана бекем экендигинен кабар берет. Өз кезегинде мындай көрүнүш Барпы Алыкуловдун поэзиясы элдүүлүктүн түпкүрүнөн жана ажырагыс алкагынан орун алгандыгын, ал эми алардын өзүнчө өлөңдүү-экспресивдүү экендигин айгинелейт.

Жогорудагы мисалда кайчы эпимоналык кызматты <u>дегдедим</u>, <u>күйдүм</u> деген этиш сөздөр экинчи таяныч, өзөктүк кызмат өтөп турат. Акындын ырларынын өзөгү салттуу поэзиянын кыртышында, фундаменталдуу бөтөнчө бекем статуста жана куплеттин биринчи сабынын аягы «миң өрүк»; экинчи сабынын соңу «бир көрүп» болуп бүткөн. Дал ушундай тилдик каражаттар

3-4-саптарда кайталанган. Буларды биз кайчы  уйкаштыктын эриштүү ыргалмасы деп атадык, себеби алар берейин деген ойду серпилтипүлпүлдөтүп, ыргалтып  турат.

Аттама уйкаш түрүндөгү уйкаштык акындын сөз болуп жаткан ырынын дагы 3-4; 7-8; 10-11-куплеттеринен айкын байкалат. Андан аркы 10-11-куплеттеринде:

10-куплетте: "К о р о о ң д у н  ү с т ү  к а р б ы  д е п,
*Кошокто түйаң [төөң – Т.С.] нарбы деп.*
Колдо ашыгым өкчөймүн,
Кошулар күнүм барбы деп".

11-куплетте: "Ж е л е ң д и н  ү с т ү  к а р б ы  д е п,
*Жетекте түйаң [төөң – Т.С.]  нарбы деп.*
Жерге ашыгым өчөймүн [өкчөймүн –Т.С.],
Жетишээр күнүм барбы деп" (Барпы: 1984, 88-б.).

10-куплетте: *курооңдун, кошокто, колдо, кошулар.*

11-куплетте: *желеңдин, желекте, жерге, жетишер.*

10-куплеттен кийинки 11-куплет төрт гана сөздөн (курооңдун – желеңдин, кошокто – жетекте, колдо – жерге, кошулаар – жетишээр) айырмаланып турат. 10-куплет жалаң [к] тыбышынан, ошону менен бирге эле андан кийин келген үндүү тыбышы жалаң [о] жоон үндүү тыбышын эске алганда тышкы аллитерациянын так аллитерациясы, б.а., мында аллитерацияны эки тыбыш же бир муун түзүп турат (ко-ко-ко-ко), ал эми 11-куплет жалаң [ж] тыбышынан, андан кийин келген үндүү тыбыштары  [е] ичке үндүү тыбышы болуп, мында да аллитерацияны эки тыбыш же бир муун түзүп (же-же-же-же), ырдагы дабыштык кооздукту күчөтүүгө өз салымын кошуп турат. Ошондой эле 10-куплет андан мурдагы саптар менен логикалык жактан поэтикалык алкакта чырмалышып турат. Өз кезегинде 11-куплет да кийинки саптар менен ошондой эле милдет аткарып жатат. Ошону менен катар эле мисал иретинде алынган саптарда муун өлчөмү да (7-8-муун) белгилүү поэзиялык-поэтикалык чекте турат. Демек ырдын өзөгүндө поэтикалык, ыргактуу биримдик бекем пайдубалда орун алган, ойдун өзөгүнө мукамдуу ыргак жаратып турат.

Акындын ырларынан келтирилген эки сабынан кийинки эки куплети:

"Э л и м д е  э к и  б а л а  б а р,
Экөөн [экөөнү –Т.С. ] бирдей караңар.
*Эгип койгон теректей,*
Экөөнүн бою барабар.
К а л к ы м д а  э к и  б а л а  б а р,
Көркөмүн бирдей караңар.
*Капталга бүткөн кайыңдай,*
Кагелес бою барабар"  (Барпы: 1984, 101-102-б.).

Келтирилген 1-куплеттин төрт сабы, чечмелеп айтканда, жалаң [э] ты-

бышынан башталган, бул тышкы так аллитерация, себеби кыргыз поэзиясында үндүүлөрдөн башталган тышкы так аллитерация өзүнөн кийинки келүүчү үнсүз тыбыштардын бирдей окшош курулушун талап кылбайт жана кийинки төрт сабы жалаң [к] тыбышынан башталган, бул тышкы так эмес аллитерация, себеби сөз башындагы катарынан келген үнсүз тыбыштардан кийин келүүчү үндүү тыбыштар ар башка фонемадан (а-ө) курулуп жатат, шарттуу түрдө муну тышкы так эмес аллитерациялуу куплет деп атайбыз. Биринчи тышкы так аллитерациялуу куплетте эпимоналык кызматты: элимде, экөөң, эгип койгон теректей, экөөнүн деген сөздөр, сөз тизмектери; экинчи тышкы так эмес аллитерациялуу куплетте эпимоналык милдетти: калкымда, көркөмүн, капталга бүткөн кайыңдай, кагелес деген сөздөр, сөз тизимдери аткарып турат. Мында эпимонанын кайчы дагы, аттама дагы түрү параллель колдонулду. Ошондой эле, эпимонанын элимде, калкымда деген синонимдүү варианттары да керектелди жана дагы: эгип койгон теректей, капталга бүткөн кайыңдай – деген салыштыруулар аркылуу алар (эжелүү-сиңдилер) шыңга бойлуу, дене-мүчөсү келишимдүү, супсулуу деген ой берилип жатат. Ошентип, мында уйкаштык менен кошо тилдик жана башка ар түрдүү көркөм каражаттар тыгыз айкалышып-чынжырлана колдонулган.

Барпынын сүйүү ырлары, т.а., “Карай көз”, “Актартип”, “Арзыкан”, “Гул кыздары” бүт дээрлик эгиз уйкаш аркылуу түзүлгөн. Алсак, «Гүл кыздар» деген ырындагы «Бириң – өлөң, бириң – саз, Бириң – өрдөк, бириң – каз» (Барпы: 2-том, 2008. 47-48-б.) «чынар, булбул» деген сөздөр полифониялык абалда, лексика-семантикалык ырааттуулукта; кийинки сапта ушундай жагдай «өлөң, саз, өрдөк, каз» деген лексемалар аркылуу ишке ашкан, алар чыгармага эвфония, лингвистикалык фон берген. Бул сыяктуу өзгөчөлүк Барпынын гана чыгармаларына таандык ыкмалардын бири.

4-баптын 3-параграфы **“Коннотациялык катыш жана семантикалык денотация”** деп аталат. Барпы акындын «Күн» аттуу ырында мындай жуурулушкан, ширелишкен тилдик бирдиктер орун алган. Ырдын жалпы көлөмү – 107 сап жана 7-8 муундуу ыр. Ыр саптарында жалпы түрк, анын ичинде кыргыз поэзиясынын оозеки жана чыгыш жазма поэзиясынын айрым үлгүсү, анын элементи сакталган. Акындын кудуреттүү күчүнөн жаралган ырлары ырдоого оңой, жаттоого жеңил, техникасы алгылыктуу, ыргактуу. Мисалы: ыр, негизинен, аттама (А-Б-А-Б) уйкаш түрүндө жаралган. Рефрен түрүндө айрым сөздөр (чыккан Күн, нуру болбосо) саптардын аягында кайталанып турат да, уйкаштыктын да милдетин аткарып турат. Ырларынын уйкашуусу саптардын аягында жана аллитерация менен ассонанс арбын жолугат да, эгиз, кайчы, өтө сейрек туташ уйкаш же А-Б-А, А-Б-Б тибиндеги уйкаштыктар учурайт. Ал эми «Күндүн нуру болбосо» деген саптар же конструкциялар даяр форма-рефрен түрүндө пайдаланылган.

Ал эми «Ар бир түрдүү мөмөлөр» деген семантикалык курамдагы түр-

күн-түркүн, түрдүү сорттогу мөмө-жемиштер деген жерде бир деген (ички сөздүк формага ээ болгон) каражат кандай – ар кандай түрдөгү (сорттогу мөмөлөр) деген коннотациялык перифраза деңгээлинде болуп турат. Мындай көрүнүштөр – семемалык статуска ээ.

4-баптын 4-параграфы **“Оксюморондук жана энантиосемиялык коннотация”** деп аталат. Оксюморон жөнүндөгү теориялык түшүнүк, анын тилдик табияты, стилистикалык түзүлүшү, семасиологиядагы логикалык жана тилдик байланыштары, антонимдердин негизинде бир бүтүндүктү түзгөн жана бир бүтүндүктүн ичиндеги логикалык карама-каршылыктардан келип чыгат жана түпкүлүгүндө же семантикалык уюшулушунда карама-каршы маанидеги эки түшүнүктөн турган, жаралган сөз айкашы. Алар фразеологиялык конструкцияда келип, сөз айкашын жаңы семантикалык көтөрүңкү маанайга, өтмө мааниге багыттайт, шарттайт:

*Катуу басып, жүрбөй кел*:

“Такалуу өтүк кийбей кел, досум,
Катуу басып жүрбөй кел, досум”(инв. 198, д.1, 14-б., 68-куплет);

*Кирер-кирбес*:

“Айылдан чыкпай айландың, досум,
Үйгө кирер-кирбес мен болдум, досум” (инв.198, д.1, 39-40-б.).

Автордук саптар акындын өзгөчө чеберчилигин көрсөтүп жатат. Башкача айтканда, акын ырда муун өлчөмүн сактоо менен катар эле, сөздөрдү стилдик уюмдашуу деңгээлинин төмөнкү жана жогорку баскычын поэтикалык абалга жеткирип, фонетикалык ийкемдүүлүктө, бирдикте пайдаланган. Демек лингвистикалык өңүттөн караганда, сөздөрдүн семантикасы – органикалык аракеттин курамында экендигин билдирип, автордун өзгөчө эргүү, бөтөнчө шыктануу, чыгармачылык толкундануу менен элдик көркөм сөз көрөңгөсүнөн жараткан түбөлүктүү мурастары болуп саналат.

Ал эми энантиосемияда семантикалык маани синонимдик да, антонимдик жана омонимдик да деңгээлдеги катышта туруп, карама-каршылык кырдаалда биригип, синкретизм абалында керектелет да, мындай көрүнүш, негизинен, бир эле сөздүн жана сөз айкашынын чегинде ишке ашат. Мына ошондуктан ал көбүнчө көркөм текст менен тыгыз катышта турат. Мисалы: чилде сөзү – жай мезгилинин эң ысык, кыш мезгилин эң суук күндөрүнө карата айтылган.

Чилде: “Кыш чилдеде бушман Күн,
Жай чилдеде душман Күн” (Барпы: 1995, 24-б.).
“Жай чилдеде кийгизет,
Жамандыктын ичигин”(Барпы: 1995, 53-б.).

Бул жерде “чилде” сөзү – накта лексикалык деңгээлде энантиосемиялык коннотация. Энантиосемия кубулушу, анын базасында жаралуучу коннотация, анын маанилик жылышы менен семантикалык статус-структурасы жана семантикалык катышы же семемалык талаанын жаралышы, мүнөзү,

пайда болушу, ошондой эле функционалдык табияты боюнча ар кыл, көп жактуу көрүнүшкө кирет да, негизинен, төмөндөгүдөй лексикалык жолдор аркылуу пайда болгон: 1) сөз маанилеринин өнүгүшү (жылышы); 2) заттарды, нерселерди салыштыруу – теңдештирүү.

Барпы Алыкуловдун чыгармаларында оксюморондук жана энантиосемиялык коннотациялар – образдуулук үчүн, автордук чыгармачылык менен чынжырланышкан көркөм кубулуш жана маанилик жактан фразеологизмдер менен семантикалык деңгээлдеги шарттуу жана формалдуу байланышкан лексикалык көрүнүш. Анын компоненттери өз ара үстүртөн гана уюмдашат да, ойду күчөтүп, көркөмдөп берүүчү лингвистикалык каражат катары кызмат кылат.

**4-баптын 5-параграфы "Автордук ономастикалык координация"** деп аталып, ономастикалык , поэтикалык категориялар изилдөөгө алынды. Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы ономастикалык көрүнүштөр өзүнчө чоң лексика-ономастикалык илимий категория катары көркөмдүүлүктү, эмоционалдуулукту оргуштатып, күчөтүп берет. Мисалы: Мөлмөлүм, Мырзайым, Өзгөчөм, Дилбарым, Лөлүкан, Буракжан, Арзыкан, Карайкөз, Акдилбар, Ноодайым, Моймойум ж.б. Бул поэтикалык-эстетикалык антропонимдер – акындын символикалык, уникалдуу концепциясы.

Ал эми топонимдер реалдуу координатты же адресатты, географиялык мейкиндикти, анын чегин, чындыктын ордосун көрсөтөт:

"Улу [Улуу – Т.С.] -Чат конуш жерибиз, досум,
Үшкүрөт мендей теңиңиз, досум" (инв. 198, д.1, 4-б., 18-куплет).

Бул жердеги топоним географиялык координат катары милдет өтөдү. Ошондой эле поэзияда кыргыз ырларындагы салттуулук, уйкаштык, ыргактуулук үчүн да кызмат кылды. Демек ономастикалык аталыштар сөздүн, ойдун тилде жашоосун шарттап турат жана алардын ички өздүк табиятын чагылдырат.

4-баптын 6-параграфы **"Акындын ырларына текстологиялык илик"** деп аталып, Барпы Алыкуловдун чыгармалары текстологиялык жактан анализге алынды.

Текстология – адабий эстеликтердин, тарыхый документтердин ж.б. тексттердин тууралыгын аныктоо, ажыратып чыгаруу жана бастыруу иштерин жүргүзүүчү филологиянын тармагы (Кыргыз тилинин сөздүгү: 2001, 525-б.).

Илимий текстология боюнча 1975-жылы М.Сырдыбаев менен С.Тургунбаевдин "Токтогулдун чыгармаларын текстологиялык изилдөө маселелери" деген эмгеги чыккан. Китепте Мадылбек Сырдыбаев менен Сүйөркул Турганбаевдин макалалары кирген. Мында "Токтогулдун А.Үсөнбаевден жазылып алынган чыгармалары" деген макаланын автору С.Турганбаев, ал эми "Токтогулдун Калык Акыевден жазылган поэзиялык мурасы

жөнүндө” деген макала М.Сырдыбаевге тиешелүү. Ушул макалаларда текстология илими жөнүндө сөз кылып, анын изилдениш тарыхы жана Токтогулдун айрым чыгармаларынын мааниси, варианты боюнча өз ойлорун ортого салышкан. Мындай эмгекти алгачкы текстологиялык изилдөөлөрдүн башаты деп эсептейбиз.

Барпы Алыкуловдун чыгармаларын кызы Парпиева // Барпиева Бурулкан, катчысы, күйөө баласы Төлөн Бекибаев (Бекибаев: 1994, 244-б.), акын Түмөнбай Байзаков жана М.И.Богданова (Встреча с Барпы, тетрадь №1, стр. 40), Г.Бакиновалар жазып калтырышкан. М.И.Богданова баш болгон окумуштуулардын экспедиялык изилдөөлөрүнөн кийин Барпынын ырларын жаздырып калуу маселеси коюлуп, аны борборго (Фрунзеге) алып келип, жаздырышкан (Бакинова: 1994, 228-236-б.). Барпы Алыкуловдун өзүнөн жазылып алынган тексттер кийин жыйнак болуп чыккан.

Барпы Алыкуловдун чыгармалары көп алымча-кошумчалар, айрым учурда өтө эле олуттуу өзгөрүүлөргө учураган. Буга “Кулмурза менен Аксаткын” дастанынын тексттери айкын күбө болот. Айтылган ойду далилдеш үчүн төмөндөгүдөй бир нече мисал келтиребиз (инв. 198, д.1.) да, Барпынын 1984-жылы басылып чыккан эмгегиндеги мисалдарды салыштырып карадык. Мисалы:

| **Кол жазмасы (оригиналы)** | **Кол жазмада оңдолгону** |
|---|---|
| Дөбөгө жыйын эл конгон, досум,<br>Дөбөгө жыйын көп толгон, досум. | Жайылып биздей эл конгон, досум (5-б.). Салыштырыңыз :<br>Дүрбөлөң бүтүп, эл конгон, досум,<br>Дөбөгө жыйын жык толгон, досум. (Барпы, 1984, 117-б.). |
| Калпакты кагып кийгиздим, досум (8-б.). | Калпагың <u>качып</u> кийгиздим, досум (Барпы, 1984, 118-б.). |
| Үйгө кирер-кирбес мен болдум, досум (9-б.). | Киралбай үйгө кыйналдым, досум (9-б.). |

Жогорудагы мисалдагы “кагып” деген сөз (1984-жылкы чыккан китепте) “качып” деген сөз менен алмаштырылып берилген. Логикалык ой жүгүртсөк, өзү качып жүрсө, анан кантип калпак кийгизе алмак? Бул жерде орфографиялык ката, себеби кол жазмада “Калпакты кагып кийгиздим” (инв. 198, д. №1, 37-куплеп, 8-б.). Кол жазмадагы **г** тамгасы **ч** тамгасы менен берилип калган. Ошондой эле кол жазмадагы “кирер-кирбес” деген оксюморондук бирдик китепте “киралбай үйгө кыйналдым” болуп берилген.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар фондусунда Барпы Алыкуловдун “Кулмурза менен Аксаткын” дастанынын (инв. 198, д. № 1) 433 купулет + 11 сап кара сөз түрүндөгү кол жазмасы сакталып турат.

Мына ошондо мындай деген саптар турат:

Өкөбүз өкө болгону досум
Өкөбүз атка конгону досум
Абал бир башы жаз еле досум
Ат бору лола саз еле досум.

Ушул эле кол жазма 1960-жылы жарык көргөн жыйнакта:

Экөөбүз – экөө болгону, досум,
Экөөбүз атка конгону, досум,
Абал бир баар – жаз эле, досум,
Адыр-түз лола саз эле, досум – деп берилген. Мына ушул жерде акыркы эки сабы акындын айтканындай болбой түзүүчүнүн (Т.Байзаковдун) чыгармачылыгы болуп калганын белгилеп коюшубуз керек. Мында: “Абал бир башы жаз еле досум” → “Абал бир баар – жаз эле, досум”; Ат бору лола саз еле досум” → “Адыр-түз лола саз эле, досум” болуп түшкөн. Китепте: “Абал бир башы жаз → Абал бир баар – жаз”; “Ат бору лола саз → Адыр-түз лола саз” болуп оңдолсо, экинчи куплетиндеги:

Жазыбыз жаңы болгондо, досум
Жаңылап журтка конгондо, досум
Сен – Кулмурза, мен – Саткын, досум
Мен үчүн күйүт сен тарттың, досум (инв. 198, д. № 1, 1-б.).

Ушул эле куплет жарык көргөн жыйнакта:

Жазыбыз жаңы болгондо, досум,
Жаңылап журтка конгондо, досум.
Кулмурза – өзүң, Саткын – мен, досум,
Кумары болуп таптың сен, досум (Барпы Алыкулов, 1960, 136-б.) болуп берилген. Мындагы “Сен – Кулмурза, мен – Саткын, досум, Мен үчүн күйүт сен тарттың, досум” деген саптар китепте: “Кулмурза – өзүң, Саткын – мен, досум, Кумары болуп таптың сен, досум” деп берилсе, 3-куплеттеги:

Мен бой жеттим буралып, досум
Сен жигит болдуң сыналып, досум
Айылга келсең ар качан досум,
Мен жүрчүмүн уялып досум, – деген саптардын китепте берилиши:

Бой жеткен кезим буралып, досум,
Боз жигит элең сыналып, досум,
Айылга келсең ар качан, досум,
Мен жүрчүмүн уялып, досум, – деп берилип жүрөт. Бул үчүнчү куплетте “Мен бой жеттим буралып, досум, Сен жигит болдуң сыналып, досум” деген эки сап жарык көргөн жыйнакта → “Бой жеткен кезим буралып, досум, Боз жигит элең сыналып, досум” болуп өтө айырмалуу саптарга айланып калган, башкача айтканда, жогорудагы саптар Барпы Алыкуловго тиешелүү эмей эле түзүүчү Т.Байзаковдуку болуп калганын айтууга

болот. Мындай чоң айырмачылыктар башка саптарында да кездешет. Барпы Алыкуловдун "Кулмурза менен Аксаткын" деген чыгармасы 433 сап болуп, 24 бетти ичине камтыйт. Аягында "Эл акыны Парпи Алыкулов, секретарь Бекибаев" деп жазылып, Бекибаевдин кол тамгасы коюлган.

Жалпы 480 сап + 11 сап кара сөз түрүндө = 491 сап + 188 өчүрүлгөн же чийилип салынган саптар = 679 сап. Кол жазмасындагы 491 саптын ичинен 14 гана куплет (айрым гана тыбыштык оңдоолорду эске албаганда) оңдолгон эмес. 1960-жылы чыккан ырлар жыйнагына 302 сабы гана кирген. Алып карай турган факты: акындын өз оозунан жазылып алынган бул дастан-поэмасынын кол жазмалар фондусундагы материалдары кимдир бирөөлөр тарабынан (куплеттер, саптар, сөздөр, сөз айкаштары) оңдолгон. Мисалы, кол жазманын 14-15-бетте, 69-74-куплеттериндеги (инв. 198, д.1) [ш] тыбышы менен берилген аллитерациялуу жогорку чыңалуудагы фонограммалуу саптары жана башка көркөмдүү тексттер сызылып ташталган.

4-баптын 7-параграфы **"Мөлмөлүмдөгү" сөздөрдүн колдонулуш жыштыгы"** деп аталат. Кыргыз тил илиминде азыркы мезгилде математикалык ыкмаларды колдонуу аркылуу жаңы багыт, т.а., математикалык лингвистика пайда болду. Мунун өзү салттуу ыкмалардан айырмаланып тургандыгын билдирет. Матлингвистикада тилдик кубулуштар статистиканын формаларынын жана закон ченемдүүлүктөрүнүн жардамы аркылуу изилденет.

Лингвостатистиканын кыргыз тил илиминде изилденишин филология илимдеринин доктору, профессор Т.Садыков колго алып, аны тереңдетип иш алып барууда. Окумуштуу бул багыт К.Тыныстановдун башталгандыгын айтат жана аны "академиянын кол жазма фондусунда сакталып турган «Касымдын таблицасы» аттуу мурасында алфавиттеги тамгалар колдонуу жыштыгы боюнча жайгаштырылгандыгын белгилейт.

Статистикалык ыкмалардын илимий жактан эне тилибиздин синтаксистик фактысына карата колдонулушун профессор С.Ибрагимов изилдеген. Окумуштуу өзүнүн «Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн функционалдык синтакситтик топторуна статистикалык илик» деген кандидаттык диссертациясында (1975) окуу китептеринде жарыяланган илимий тексттин негизинде атооч+атооч, атооч+этиш тибиндеги тиркештердин синтаксистик байланышынын түрү статистикалык жактан талдоого алынган.

Бул параграфта Барпы Алыкуловдун «Мөлмөлүм» деген ырындагы сөз түркүмдөрүнүн, сөздөрдүн колдонулуш жыштыгын, алфавиттик жыштыкты чыгарууга аракеттер жасалды.

Мында биз Р.Г.Пиотровскийдин индекстөөсү боюнча, башкача айтканда, зат атооч – 1, сан атооч – 2, сын атооч – 3, тактооч – 4, этиш – 5, ат атооч – 6, кызматчы сөздөр – 7, сырдык сөздөр – 8, тууранды сөздөр – 9 деп бердик.

Акындын "Мөлмөлүм" деген ыры 120 сап жана анда жалпы колдонулган сөз – 376, Мунун ичинен (индекстөөнүн номери менен):

| **Сөз түркөмдүрүнүн колдонулуш саны** | **Сөз түркөмдүрүнүн колдонулуш жыштыгы** |
|---|---|

| | |
|---|---|
| 1 – зат атооч – 161 | 1 – зат атооч – 42,82 % |
| 2 – сан атооч – 9 | 2 – сан атооч – 2, 39 % |
| 3 – сын атооч – 32 | 3 – сын атооч – 8, 51 % |
| 4 – тактооч – 7 | 4 – тактооч – 1, 86 % |
| 5 – этиш – 131 | 5 – этиш – 34, 84 % |
| 6 – ат атооч – 20 | 6 – ат атооч – 5, 32 % |
| 7 – кызматчы сөздөр – 28 | 7 – кызматчы сөздөр – 7, 45 % |
| 8 – сырдык сөздөр –1 | 8 – сырдык сөздөр – 0, 27 % |
| 9 – тууранды сөздөр – 0 | 9 – тууранды сөздөр – 0 % |

“Мөлмөлүмдөгү” сөздөрдүн колдонулуш жыштыгы:

| **Сөздөрдүн колдонулуш саны** | **Сөздөрдүн колдонулуш жыштыгы** |
|---|---|
| Мөлмөлүм – 14 жолу | 3, 74 % |
| бар – 8 жолу | 2, 13 % |
| деп – 6 жолу | 1, 6 % |
| кедей, кедейлик – 5 жолу | 1, 33 % |
| бербей – 4 жолу | 1, 06 % |
| мал – 3 жолу | 0, 8 % |
| ашыглык – 3 жолу | 0, 8 % |
| менен – 3 жолу | 0, 8 % |
| нар, бир, бет, көркү, от, бутуңдан, мончок, жытыңдан, ышкыдар, сени – 2 жолу | Ар бир сөз – 0, 53 % |
| нур, биз, сүйгөн, сулуу, болот, белгилүү, ыр, кейип, жарыя, бул, убалдан – 1 жолу | Ар бир сөз – 0, 27 % |

Ал эми алфавиттик жыштыгы:

| **Алфавиттик колдонулуш саны** | **Алфавиттик колдонулуш жыштыгы** |
|---|---|
| А – 30 сөз | 7, 98 % |
| Б – 66 сөз | 17, 55 % |
| В – 0 | 0 % |
| Г – 2 сөз | 0, 53 % |
| Д – 9 сөз | 2, 39 % |
| Э/е – 5 сөз | 1, 33 % |
| Ж – 33 сөз | 8, 78 % |
| З – 2 сөз | 0, 53 % |
| И – 4 сөз | 1, 06 % |
| Й – 0 | 0 % |
| Х – 0 | 0 % |
| К – 40 сөз | 10, 64 % |
| Л – 0 | 0 % |
| М – 40 сөз | 10, 64 % |
| Н – 3 сөз | 0, 8 % |

| | |
|---|---|
| Ң – 0 | 0 % |
| О – 6 сөз | 1, 6 % |
| Ө – 12 сөз | 3, 19 % |
| П – 2 сөз | 0, 53 % |
| Р – 0 | 0 % |
| С – 22 сөз | 5, 85 % |
| Т – 22 сөз | 5, 85 % |
| У – 6 сөз | 1, 60 % |
| Ү – 1 сөз | 0, 27 % |
| Ф – 0 | 0 % |
| Ч – 18 сөз | 4, 79 % |
| Ш – 0 | 0 % |
| Ы – 6 сөз | 1, 6 % |
| Ц – 0 | 0 % |
| Щ – 0 | 0 % |

Бул алфавиттик жыштыкта эң көп колдонулганы Б – 66 сөз колдонулуп, жалпы 100 % → 17, 55 % түздү. Кийинки К менен М тамгаларынан башталган сөздөр – 40 сөз болду дагы, 10, 64 % ээледи. Үчүнчү – Ж – 33 сөз колдонулуп, жалпы пайыздын 8, 78 % түздү. Кийинки бул – А тамгасы менен башталган сөздөрдүн саны – 30. Жалпы пайыздын 7, 98 % түздү.

Колдонулган сөздөрдүн жыштыгын чыгаруу аркылуу көркөм сөз чебери Барпы Алыкуловдун сөзгө бай экендигин аныктоо менен, анын чыгармаларынын тилинин сөздүгүн түзүүгө болот. Чыгармасындагы сөздөрдүн колдонулуш жыштыгы чыгармада тажатма кызматты аткарбайт, тескерисинче ойду окурманга жеткирүүгө оңтойлуу абалды түзүшөт. Мисалы: “Мөлмөлүмдү” ала турган болсок – 120 сапта 14 жолу кайталанган. Бул окурманды тажатпайт, кайра өзүнө тартып, кызыктырып, дагы кандай ойлор айтылат болду экен деп, дегдетип турат.

Барпы Алыкуловдун “Мөлмөлүм” деген ырындагы сөздөрдүн колдонулуш жыштыгын чыгаруу менен биз Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын сөздүгүн түзүүгө жетишебиз. Ошону менен бирге чыгармаларындагы сөздөрдүн канча пайызы диалектилик, канча пайызы адабий тилде экенин белгилейбиз, андан ары мына ошол жыштык сөздүктөгү лексикалык катмарларды же акындын чыгармаларындагы иран, араб, орус тилдеринен кирген сөздөрдүн статистикасын анализдеп, процентин чыгаруу – биздин келечектеги эң негизги иштерибиздин бири.

**Корутунду**

1. Барпы Алыкуловдун чыгармаларына Чыгыш поэзиясынын улуу өкүлдөрүнүн чыгармалары жана ичкилик кыргыздарынын тилинин бай казнасы зор таасир берген.

2. Барпы Алыкуловдун ырларындагы поэтикалык көркөмдүүлүктү ичкилик кыргыздарына мүнөздүү тилдик көркөм каражаттар түзөт. Аларды ырдын муун-өлчөмүнө, лингвистикалык шартка жараша бир муунду кошуу

же кемитүү, синонимдик катарды тең пайдалануу, басымдын динамикалуулугу, ырдын ыргактуулугу, үндүү жана үнсүз тыбыштардын үндөштүгү, ассимиляция жана диссимиляция көрүнүшү, агымы жана башкалар аркылуу ишке ашырган. Бул автордук-поэтикалык ийкемдүү чеберчилик.

3. Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тили салыштырмаларга, жандандырууларга, редупликациялык көрүнүштөр өтө бай жана аларды ойдун образдуулугун, ырдын рифмалуу болушу үчүн колдонгондугу семантикалык ийкемдүүлүгү менен кишинин назарына кабылат. Элдин менталитетин билген гана залкар ушундай көркөм дөөлөттү жаратат.

4. Барпы Алыкуловдун ырларында уйкаштыктын (кайчы, аттама, курама, жалгашма, желдирме, чырмашма ж.б.) түрлөрү арбын пайдаланылган. Алар поэзиянын көркөмдүк беделин ар дайым трансформациялап турат жана ошондой эле ойду окурманга оптималдуу түрдө эмоционалдык нюанстары менен өз ыргактуулугун жоготпой жеткирүү үчүн кызмат кылат.

5. Акындын өзүнүн жашоо жагдайынын өңүтүнөн алып караганда, чыгармаларында оргуштаган махабаты өтө терең жана айкын орун алган. Ошого жараша ылайыкталган жана калыптанган тилдик көркөм каражаттар арбын. Акындын түшүнүгүндө, дүнүйө кабылдоосунда аялзаты, айрыкча, бийкечтер үчүн чач (олоң чач), каш (кара каш, калам каш), эмчек (мама, мамак) - сулуулуктун көркү, жарашыктуу керемети, коoздуктун кулпунма жана кубулжума кайталангыс ажары.

6. Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тили бири экинчиси менен тыгыз байланыштагы үч биримдиктен турат: 1. анын тили жалпы элдик тилдин базасын сактаган тил; 2. түштүк-батыш диалектисинин өзөгүн, комбинатордук кубулжумасынын суммасынан турган тил же түштүк-батыш (же ичкилик) диалектисинин аналитикалык синтездештирилген тили; 3. автордук новатордук, өзүмдүк чыгармачылык тил.

7. Барпы Алыкуловдун ырларында редупликациялык жол менен жасалган (Мөлмөлүм←мөл+мөл+ым; Моймолум/Моймойум ← мой+мой+ум) поэтикалык антропонимдер кездешет. Булар чыгарманын экспрессивдүүлүгүн, эмоционалдуулугун арттырат. Ал эми топонимдер реалдуу координатты же адресатты, географиялык мейкиндикти, анын чегин, чындыктын ордосун көрсөтөт.

8. Сөздөрдүн жыштыгын аныктоо менен акындын тилинин бай казынасын ачууга болот. “Мөлмөлүм” деген ырында эң жыш колдонулган сөздөр 1 же зат атоочтор болду. Башкача айтканда, 389 сөздөн 161 ээледи, колдонуш жыштыгы 100%тин 62, 3% түздү. Кийинки орунду 5 же этиш сөздөр түздү, булар ырда 130 сөз болду, колдонулуш жыштыгы боюнча 50,2 % түздү. Ал эми калгандары жыш, орто колдонулган сөздөрдүн жыштыгына кирди.

Алфавиттик жыштыкта эң көп Б тамгасынан башталган сөздөр болду же 66 сөз колдонулуп, жалпы 100 % → 17, 55 % түздү. Кийинки К менен М тамгаларынан башталган сөздөр – 40 сөз болду дагы, 10, 64 % ээледи. Үчүнчү – Ж – 33 сөз колдонулуп, жалпы пайыздын 8, 78 % түздү. Кийинки бул –

А. А тамгасы менен башталган сөздөрдүн саны – 30. Жалпы пайыздын 7, 98 % түздү. Калгандары орто, сейрек колдонулган жыштыкка кирди.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

**Монография:**

Сыдыкова, Т.К. Барпынын тили. [Текст] / Т.К.Сыдыкова. – Бишкек: “Калем” Басма үйү, 2016. -283 б.

**Илимий макалалар:**

1. Сыдыкова, Т.К. Барпы акындын ырларындагы эпимонанын түрлөрү жана алардын эвониялык кызматы. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы: (1–серия, 4-чыгарылышы; Гуманитардык илимдер: Филология, тил таануу, мамлекеттик тил) (Авторлошу профессор Ш.Жапаров).- 2006. - 42- 44- б.
2. Сыдыкова, Т.К. Барпы Алыкуловдун ырларындагы вульгаризмдер. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы: (Сериясы -1, 3-чыгарылышы: Гуманитардык илимдер - филология, тил таануу, мамлекеттик тил). - Б., 2005. - 39-41-б.
3. Сыдыкова, Т.К. Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы оксюморондор жана энантиосемиялык, редупликациялык көрүнүштөр. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы: (1-серия, 5-чыгарылышы; Гуманитардык илимдер. Адабият таануу). 2007. - 299-301-б.
4. Сыдыкова, Т.К. Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы семантика-стилистикалык маанайдагы көрүнүштөр. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы: (1-серия, 5-чыгарылышы; Гуманитардык илимдер. Адабият таануу). 2007.- 301-302 - б.
5. Сыдыкова, Т.К. Барпы Алыкуловдун поэзиясындагы оксюморондук коннотация. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы: Гуманитардык илимдер. 10 -чыгарылышы, 2007. - 434-437-б.
6. Сыдыкова, Т.К. Барпы Алыкуловдун «Мөлмөлүм» деген ырына лингвистикалык илик. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы: Гуманитардык илимдер 10чыгарылышы, 2007. -431-434-б.
7. Сыдыкова, Т.К. Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы фонетика-фонологиялык көрүнүштөр. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети: Коомдук илимдер. №12. 2008. -84-87-б.
8. Сыдыкова, Т.К. Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы лексика-семантикалык жагдайлар. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети: Педагогика жана психология. №14. 2008. - 133-136-б.
9. Сыдыкова, Т.К. Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы каргыш сөздөр. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик

университети: Педагогика жана психология. №14. 2008. -136-138-б.

10. Сыдыкова, Т.К. Барпы акындын чыгармаларындагы салттуу жана автордук көркөм сөз каражаттар. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун жана К.Карасаев атындагы БГУнун илимий практикалык басылмасы Кыргыз тили жана адабияты журналы, №15. 2009. -108-111-б.

11. Сыдыкова, Т.К. Акындын чыгармаларындагы эвфемизмдер. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун жана К.Карасаев атындагы БГУнун илимий практикалык басылмасы Кыргыз тили жана адабияты журналы, №15. 2009. -111-112-б.

12. Сыдыкова, Т.К. Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы поэтикалык антропонимдер. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун журналы (Тил, адабият жана искусство маселелери), №2 (7). 2009.-169-174-б.

13. Сыдыкова, Т.К. Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы синонимдер жана алардын стилдик кызматы. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун журналы (Тил, адабият жана искусство маселелери), №4 (9). 2009. -194-200-б.

14. Сыдыкова, Т.К. Ойрот деген сөз жана антропоним жөнүндө. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Известия ВУЗов, №4. 2009. -286-288-б.

15. Сыдыкова, Т.К. Акындын ырларында этнографиялык лексиканын берилиши. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Известия ВУЗов, №4. 2009. -303-306-б.

16. Сыдыкова, Т.К. Барпынын ырларынын табигый лингвистикалык-поэтикалык абалы. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // К.Карасаев атындагы БГУнун Жарчысы, №2(19). 2011. -309-310-б.

17. Сыдыкова, Т.К. Жаратылышка жандуу мамиле (Барпы акындын “Аккан суу” чыгармасынын мисалында). [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, Филологиялык илимдер, 6-чыгарылышы, 2011. -159-162-б.

18. Сыдыкова, Т.К. Кадыркул Даутов – Барпы таануучу. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, Лингвистика институту, Филологиялык илимдер, 7-чыгарылышы, 2012. -118-120-б.

19. Сыдыкова, Т.К. Кыргыз тилинин ички динамикасы. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, Серия: педагогика жана психология, 2-чыгар., 2012. -148-150-б.

20. Сыдыкова, Т.К. Акындын чыгармаларындагы ономастикалык лексиканын кызматы. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, Серия: педагогика жана психология, 2-чыгар., 2012. -150-151-б.

21. Сыдыкова, Т.К. Лингвостатистиканын изилдениши. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети: Коомдук илимдер. №3. 2013. -145-147-б.

22. Сыдыкова, Т.К. Лингвостатистиканын кыргыз тил илиминде изилдениши. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети: Коомдук илимдер. №3. 2013. -143-145-б.

23. Сыдыкова, Т.К. Барпы акындын ырларынын көркөмдүүлүгү. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, Филологиялык илимдер, 14-чыгарылышы, 2014. -124-127-б.

24. Сыдыкова, Т.К. Барпы акындын өмүр жолу. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, №1, 2014. -72-74-б.

25. Сыдыкова, Т.К. Барпы акындын алгачкы чыгармалары. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, Филологиялык илимдер, 15-чыгар., 2014. -151-154-б.

26. Сыдыкова, Т.К. Акындын ырларындагы тилдик каражаттардын статусу. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, атайын чыгарылыш, 2014. -132-134-б.

27. Сыдыкова, Т.К. Акындын ырларындагы портреттик сүрөттөөлөр. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, атайын чыгарылыш, 2014. -209-212-б.

28. Сыдыкова, Т.К. Редупликация – особый вид художественного средства. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Научный журнал “Апробация”, г. Махачкала, 2016. -50-51 с. (РИНЦ).

29. Сыдыкова, Т.К. Poetic laboratory of poet impovizator Barpy Alykulov. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Scientific enquiry in the cohtemporary world: Theoretical basics and innovanive approach. Research articles 6 th edition Published by B&M Publishing San Francisco, California, USA, РИНЦ ISBN-10:1-941655-35-1. 2016. – 66-69.

30. Сыдыкова, Т.К. Роль энантиосемии в поэзии Барпы Алыкулова. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Национальная ассоциация учёных (НАУ). Ежемесячный научный журнал. 2016. -135-137 с. (РИНЦ).

31. Сыдыкова, Т.К. Ойрот – общая лексика тюркских языков. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Национальная ассоциация учёных (НАУ), Ежемесячный научный журнал. 2016. -115-117 с. (РИНЦ).

32. Сыдыкова, Т.К. “Мөлмөлүмдөгү” эмоционалдуулукту жаратуучу тилдик каражаттар. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Ученый XXI век. Международный научный журнал, № 5-3 (18), май, 2016. – 66-69 с.

33. Сыдыкова, Т.К. Олицетворение – особое языковое средство выражения в поэзии. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Ученый XXI век. Международный научный журнал, № 8, август, 2016. – 30-33.

34. Сыдыкова, Т.К. Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы салыштыруулар. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Ученый XXI век. Международный научный журнал, № 8, август, 2016. – 34-40.

35. Сыдыкова, Т.К. Антонимы в произведениях Барпы акына. [Текст] / Т.К.Сыдыкова // Ученый XXI век. Международный научный журнал, № 9 (22), сентябрь 2016. – 42-45.

Сыдыкова Толгонай Көчкөнбаевнанын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча **“Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тили”** деген темада филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишинин

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** чыгарманын тили, көркөм сөз, тилдик каражат, синоним, эвфемизм, антоним, салыштыруу, редупликация, жандандыруу, уйкаштык, энантиосемия, антропоним, поэтикалуулук, текстология, матлингвистика, жыштык сөздүк.

**Изилдөөнүн объектиси:** Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы көркөм сөз каражаттар, анын лингвистикалык жана лингвопоэтикалык өзгөчөлүктөрү.

**Иштин максаты:** Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы лексикалык көркөм сөз каражаттарды, алардын кө ркө м-эстетикалык өзгөчөлүктөрүн, акынды башкалардан обочолоп турган лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлорду, лингвомаданий процесстерин, тексттик жана контексттик кө рүнүштө рүн илимий негизде ар тараптан аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Биринчилерден болуп Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын көркөмдүүлүгүн арттырып турган тилинин абалын изилдөө, андагы көркөм жана автордук лексиканын көркөм тексттеги көрүнүшү менен лингвистикалык табиятынын изилдөөгө алынышы, алардын системага салынышы, реалдуу факты-материалдар менен чечмеленип берилиши жана илимий-теориялык маселелер изилдөөнүн илимий жаңылыгы болуп саналат.

**Колдонуу чөйрөсү:** Изилдөөнүн натыйжалары, жыйынтыктары илимий-изилдөөчүлүк, билим берүүчүлүк жана практикалык мааниге ээ. Ошондуктан мындагы жыйынтык-натыйжалар кыргыз жана түрк тилдеринде, жалпы тил илиминде көркөм чыгарманын тилин изилдөөдө пайдаланса болот. Ошондой эле кыргыз тилинин лексикологиясы жана текстке лингвистикалык талдоо дисциплиналарды, атайын курстарды өтүүдө да көмөк көрсөтөрү шексиз.

# РЕЗЮМЕ


Диссертационной работы Сыдыковой Толгонай Көчкөнбаевны на тему **«Язык произведений Барпы Алыкулова»** на соискание учёной степени доктора филологических наук по специальности 10.02.01 – кыргызский язык.

**Ключевые слова:** язык произведения, художественное слово, языковые средства, синоним, эвфемизм, антоним, редупликация, возрождение, соразмерность, энантиосемия, антропоним, поэтичность, текстология, матлингвистика, частотный словарь.

**Объект исследования:** Объектом исследования является художественные языковые средства и его лингвистические и лингвопоэтические особенности в произведениях Барпы Алыкулова.

**Цель диссертации:** лексические художественные средства в произведениях великого импровизатора, поэта кыргызского народа Барпы Алыкулова, разностороннее научное определение художественно-эстетических средств его произведений, лингвистические и экстралингвистические факторы, которые отличают от других, лингвокультурологические процессы, текстовые и контекстовые явления.

**Научная новизна исследования.** В кыргызском языке впервые исследуется: состояние языка в произведении Барпы Алыкулова, который увеличивает художественность; явление художественной и авторской лексики в художественном тексте; лингвистическая сущность; систематизация и разъяснение на фактических материалах; научно-теоретические проблемы исследования.

**Сфера использования:** Результаты, выводы имеют научно-исследовательское, образовательное и практическое значение. Поэтому полученные результаты-выводы можно использовать в исследовании языка художественных произведений в общем, тюркском и кыргызском языкознании. Также не оставляет сомнения, использование данного исследования в лингвистических анализах текста, в разделе лексикологии кыргызского языка, в проведении спец курса.

## Abstract

Thesis paper of Tolgonay Kochkonbaevna Sydykova on the theme "**Language works of Barpy Alykulov"** for the degree of the Doctor of Philology, in the specialty 10.02.01 – the Kyrgyz language

**Keywords**: work language, art of declamation, language means, synonym, euphemism, antonym, reduplication, impersonation, proportionality, enantiosemy, anthroponym, poetry, textology, math linguistics, frequency dictionary.

**The object of investigation:** is artistic language means and its linguistic and lingua-poetic features in the works of Barpy Alykulov.

**The aim of the thesis**: lexical belles means in the works of the great improviser, the poet of the Kyrgyz people Barpy Alykulov, the various scientific definition of the belles and aesthetic means of his works, the linguistic and extralinguistic factors that distinguish them from others, linguo-cultural processes, textual and contextual phenomena.

**Scientific novelty of research work.** Language state in Barpy Alykulov’s works which increases the belles merit is investigated for the first time in the Kyrgyz language; the phenomenon of belles and author's lexicon in a literary text; linguistic nature; systematization and clarification on the actual materials; scientific-theoretical problems of the research.

**Sphere of use:** Results, conclusions have research, educational and practical value. Therefore the received results and conclusions can be used in a research of language of art works in general, Turkic and Kyrgyz linguistics. Also the specialist of a course doesn't leave doubts, use of the given research in disciplines of the linguistic analysis of the text, in a lexicology of the Kyrgyz language, in conduction of the special course.



22.09.2017-ж. Басууга кол коюлду. Өлчөмү 60Х84 1/16.
Кагаз офсет. Офсеттик басуу. Көлөмү 3,0 б.т. Нускасы 150.

Бишкек ш., Раззаков к., 49. ЖИ «Сарыбаев Т.Т.»
т. 62-67-76, 0 (550) 05-83-68
e-mail: talant550@gmail.com